**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**КЫРГЫЗ БИЛИМ БЕРҮҮ АКАДЕМИЯСЫ**

# КЫРГЫЗ ЖАНА ДҮЙНӨ АДАБИЯТЫ ПРЕДМЕТТИК СТАНДАРТЫ

**Кыргыз Республикасынын окутуу орус, өзбек, тажик тилдеринде жүргүзүлгөн жалпы билим берүүчү уюмдарынын 5-11-класстары үчүн**

**Бишкек – 2022**

Кыргыз Республикасынын окутуу орус, өзбек, тажик тилдеринде жүргүзүлгөн жалпы билим берүү уюмдарынын 5-11-класстары үчүн “Кыргыз жана дүйнө адабияты” боюнча предметтик стандарты – Бишкек, 2022, 56 б.

**Түзүүчүлөр:**

1. **Байгазиев С.О.,** КББАнын Тарбия, социалдаштыруу жана мектептен сырткаркы кошумча билим берүү лабораториясынын башкы илимий кызматкери, филология илимдеринин доктору, профессор
2. **Муратов А.Ж.,** И.Арабаев атындагы КМУнун педагогика кафедрасынын профессору, педагогика илимдеринин доктору, профессор
3. **Рысбаев С.К.,** КББАнын Филологиялык билим берүү лабораториясынын башкы илимий кызматкери, педагогика илимдеринин доктору, профессор
4. **Акматов К.К.,** “Маариф” мектебинин директору, педагогика илимдеринин доктору, профессор
5. **Батыркулова А.Б.,** КББАнын филологиялык билим берүү лабораториясынын башчысы, педагогика илимдеринин кандидаты
6. **Абакиров К.,** Ж.Баласагын атындагы КУУнун кыргыз адабияты кафедрасынын башчысы, филология илимдеринин кандидаты, доцент.
7. **Жээнтаева К.К.,** Бишкек шаарындагы №12 мектеп-гимназия окуу-тарбиялоо комплексинин кыргыз тили, адабияты мугалими

**Рецензенттер:**

8. **Абдырасулова Э.К.,** педагогика илимдеринин кандидаты, доцент
9. **Ташмамбетова Ч. Р.** №12 мектеп-гимназия окуу-тарбиялоо комплексинин кыргыз тили, адабияты мугалими

Кыргыз Республикасынын окутуу орус, өзбек, тажик тилдеринде жүргүзүлгөн жалпы билим берүү уюмдарынын 5-11-класстары үчүн “Кыргыз жана дүйнө адабияты” боюнча предметтик стандарты Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 22-июлундагы №393 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын мектептик жалпы билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартынын негизинде иштелип чыккан.

Аталган стандарт окутуу орус, өзбек, тажик тилдеринде жүргүзүлгөн мектептер үчүн "Кыргыз жана дүйнө адабияты" предмети боюнча окуу программаларын, окуу - методикалык комплекстерди (ОУК) иштеп чыгуу үчүн негиз болуп саналат.

## М А З М У Н У

**1-БӨЛҮМ. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР**

1.1. Документтин статусу жана түзүмү ....................................................................4

1.2. Жалпы билим берүүчү уюмдар үчүн ченемдик документтердин системасы ...........................................................................................5

1.3. Негизги түшүнүктөр жана терминдер ……………………………..….........6

**2-БӨЛҮМ. ПРЕДМЕТТИН КОНЦЕПЦИЯСЫ**

2.1. Окутуунун максаттары жана милдеттери ...........................................................10

2.2. Предметти түзүүнүн методологиясы ......................................................................13

2.3. Предметтик компетенттүүлүктөр .......................................................................14

2.4. Негизги жана предметтик компетенттүүлүктөрдүн байланышы .........................15

2.5. Мазмундук линиялар. Окуу материалдарынын мазмундук линиялар жана класстар боюнча бөлүштүрүлүшү ..................................................................18

2.6. Предметтер аралык байланыштар, өтмө тематикалык линиялар .........................22

**3-БӨЛҮМ. БИЛИМ БЕРҮҮНҮН ЖЫЙЫНТЫКТАРЫ ЖАНА БААЛОО**

3.1. Окуучуларды окутууда күтүлүүчү жыйынтыктар (баскычтар жана мазмундук линиялар боюнча) ...................................................24

3.2. Окуучулардын жетишкендиктерин баалоонун негизги стратегиялары жана ченемдери.........................................................................................................48

**4-БӨЛҮМ. БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОЦЕССИН УЮШТУРУУГА КАРАТА ТАЛАПТАР**

4.1. Окутуунун методикасына коюлган негизги талаптар.........................................53

4.2. Ресурстук камсыздоонун минималдуу талаптары..............................................55

4.3. Мотивациялоочу жана коопсуз окутуу чөйрөсүн түзүү......................................55

**АДАБИЯТТАР...**...............................................................................................56

## 1-БӨЛҮМ. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

### 1.1. Документтин статусу жана түзүмү

Кыргыз Республикасынын окутуу орус, өзбек, тажик тилдеринде жүргүзүлгөн жалпы билим берүүчү уюмдарынын 5-11-класстары үчүн “Кыргыз жана дүйнө адабияты” боюнча предметтик стандарты Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 22-июлундагы №393 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын мектептик жалпы билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартынын негизинде иштелип чыкты.

Аталган стандарт "Филологиялык" билим берүү чөйрөсүнүн максаттарына ылайык "кыргыз жана дүйнө адабияты" окуу предметинин каражаттары менен окуучуларды окутуунун, тарбиялоонун жана өнүктүрүүнүн жалпы стратегиясын, приоритеттүү багыттарын аныктайт, предметти өздөштүрүүгө талаптардын жыйындысын камтыйт жана Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан бекитилет.

Кыргыз жана дүйнө адабияты предметинде көркөм чыгармаларды окуу жана талдоо баарынан мурда окутуу кыргыз, өзбек, тажик тилдеринде жүргүзүлгөн мектептерде окуучулардын тилдик жана окурмандык даярдыгынын деңгээлин эске алуу менен жүргүзүлөт. Стандарт, негизинен, аталган предмет боюнча окутуу орус, өзбек, тажик тилдеринде жүргүзүлгөн мектептердин (класстардын) окуу программасын иштеп чыгуунун мазмунун, өлчөмүн жана өзөгүн аныктап берет жана ага негиз болот. Стандартта көрсөтүлгөн окуу материалдарын берүүнүн структурасы, таяныч принциптери, урунттуу компетенттүүлүктөр, окутуудан алынган натыйжалар адабияттык билим берүүнүн бүткүл мазмунун, өзөгүн аныктоо менен, андан алынган натыйжаларды талдап жана баалоонун стратегияларын аныктайт.

Кыргыз жана дүйнө адабиятын окутуунун бул стандарты бүтүн логикада түзүлгөн документ, ал 4 бөлүмдөн турат: жалпы жоболор, предметтин концепциясы, билим берүүнүн жыйынтыктары, баалоо (компетенциялар) жана билим берүү процессин уюштурууга карата талаптар. Анда документтин статусу жана түзүмү аныкталып, окутуунун максаттары жана милдеттери, предметти түзүүнүн методологиясы такталат. Негизги жана предметтик **компетенттүүлүктөр,** алардын байланыштары, окуу материалдарынын мазмундук логикалык түзүмдөрү жана класстар боюнча бөлүнүштөрү жүзөгө ашырылат. Предметтин концепциясы, билим берүүнүн жыйынтыктары жана баалоо, билим берүү процессин уюштурууга карата талаптар, предметтик стандарттын талаптарын ишке ашырууга мүмкүнчүлүк берүүчү ресурстук камсыздоонун минималдуу талаптары, мотивациялоочу жана коопсуз окутуу чөйрөсүн түзүү талаптары иштелип чыккан.

Мындагы негизги жана өз ара логикалык байланышта турган үч өзгөчөлүктүү компонентти бөлүп көрсөтүүгө болот: мурдагы стандартка караганда окутуунун компетенттүүлүккө багытталышы жана негизги жана предметтик компетенттүүлүктөрдүн (окурмандык, эмоционалдык-баалуулук, адабий чыгармачылык) талаптарынын так жана ачык көрсөтүлүшү; окутуудан алынуучу натыйжалардын даана белгилениши; окуучулардын жетишилген теориялык жана практикалык ийгиликтерин обьективдүү баалоо багыттарынын сунушталышы.

Стандарттын өзгөчөлүгү - окутуу орус, өзбек, тажик тилдеринде жүргүзүлгөн жалпы билим берүү уюмдарынын 5-11-класстары үчүн “Кыргыз жана дүйнө адабияты” предмети филологиялык билим берүү чөйрөсүнө кирет, предмет боюнча окуучуларды окутуунун, тарбиялоонун жана өнүктүрүүнүн негизги багыттарын аныктайт, бул предметтин каражаттары менен предметтик компетенттүүлүктү калыптандыруунун бирдей шарттарын, дүйнөнү таанып билүүгө, граждандык иденттүүлүктү калыптандырууга камсыз кылат.

Бул стандарттын негизинде окуу программалары түзүлөт, окуу китептерин жазууда ушул стандарттын көлөмүндө окуу материалдарынын мазмуну иштелип чыгат.

Предметтик стандарт Кыргыз Республикасында билим берүү системасында окуу процессин камсыздоочу мазмунду, жаңы педагогикалык шарттарды регламенттеген окуу программалары менен окуу китептерин түзүүчүлөргө багыт болуп кызмат кылат.

## 1.2. Жалпы билим берүүчү уюмдар үчүн ченемдик документтердин системасы

Бул стандарт төмөнкү ченемдик документтердин негизинде түзүлдү:

1. Стандарт төмөнкүдөй ченемдик-укуктук актыларга негизделет:

1. КРнын Конституциясы, 2021-ж. 5-май
2. Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндөгү» мыйзамы, 2003.
3. Кыргыз Республикасынын "Эркектер менен аялдар үчүн бирдей укуктар менен бирдей мүмкүнчүлүктөрдүн мамлекеттик кепилдиктери жөнүндө" мыйзамы, 2008
4. 2021-2040-жылдары Кыргыз Республикасында билим берүүнү өнүктүрүү программасы (КР Өкмөтүнүн 2021-жылдын 4-майындагы №200 токтому)
5. «Кыргыз Республикасынын мектептик жалпы билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартын бекитүү жөнүндө», Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 22-июлундагы №393 токтому.
6. Окутуу орус, өзбек, тажик тилдеринде жүргүзүлгөн мектептердин 5-11-класстары үчүн кыргыз жана дүйнө адабияты боюнча предметтик стандарты. - Б., 2017.
7. Кыргыз Республикасында элдин биримдигин жана этностор аралык мамилелерди чыңдоо концепциясы. – Б., 2012.
8. 2019-2023-жылдарга карата Кыргыз Республикасында Инклюзивдик билим берүүнү өнүктүрүү программасы. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 19-июлунда №360 токтому
9. "Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген жактардын кепилдиктери жана укуктары жөнүндө" КРнын Закону. 2008-жыл 3-апрель №38
10. Экономикалык, социалдык жана маданий укуктар жөнүндө эл аралык пакт. 1966-жыл. 16-декабрь.
11. Билим берүү багытында дискриминацияга каршы күрөшүү жөнүндө Конвенция 1960-ж.
12. Аялдарга карата басмырлоонун бардык формаларын жоюу жөнүндө Конвенция. 1979-жыл 18-декабрь
13. Майыптыгы бар адамдардын укуктары жөнүндө Конвенция. 2006-жыл 13-декабрь
14. 2030-жылдарга Туруктуу өнүгүү максаттары
15. Адабий билим берүүнүн концепциясы.-Б.,2021./https://edu/gov.kg/events/18/
16. Кыргыз Республикасынын Президентинин "Инсанды руханий-адептик жактан өнүктүрүү жана дене тарбиясы жөнүндө" Жарлыгы Б., 2021-жыл.
17. Кыргыз Республикасынын Президентинин "Улуттук нарк жөнүндө" Жарлыгы Б., 2022-жыл 20-май № 157
18. 2021-2026-жылдары Кыргыз Республикасында "Кыргыз жараны" деп жарандардын өзүн таануусун өнүктүрүүнүн концепциясы(КР Президентинин 2020-жылдын 13-ноябрындагы №39 Жарлыгы)
19. «Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик тили жөнүндө» (1989, 23-сентябрь) мыйзамы.
20. «Кыргыз Республикасынын «Манас» эпосу жөнүндө» (2011, 28-июнь) мыйзамы
21. 2018-2040-ж. Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясы
22. Кыргыз Республикасынын билим берүү уюмдарынын 2022-2023-окуу жылына базистик окуу планы

## 1.3. Негизги түшүнүктөр жана терминдер

**Адабий чыгарманы талдоо** – чыгарманы өздөштүрүүнүн эстетикалык жолу: формадан мазмунга; жашоо кырдаалын талдоо эмес, жазуучу тарабынан сүрөттөлгөн турмуштук кырдаал кандайча чагылдырылганын, кандайча бааланарын талдоо; бул автордун позициясын түшүнүү, көркөм идеяны өздөштүрүү, фактылардын сырткы катмарын кайра чыгаруу эмес, эмне, кайда, качан жана ким менен болгонун тактоо эмес. Адабий чыгарманы талдоо сөздүн жардамы менен жаралган образдын көп маанилүүлүгүн түшүнүүгө багытталган.

**Адабий чыгарманы алгачкы кабыл алуу** – окуучу текстти өз алдынча окуп чыккандан кийинки пайда болгон ойлор, образдуу жана эмоционалдуу таасирленүүсү. Бул этаптагы иштер чыгарманы мындан ары анализдөө, маңызды түшүнүү, ойлонуу жана тереңдетүү үчүн багыт болот.

**Адабий чыгарманы экинчи ирет кабыл алуу** – чыгарманын үстүнөн иштөөнүн этабы, бул этапта окуучулар кайра окуп чыгышат, окуганы боюнча чыгармачыл тапшырмаларды аткарышат жана чыгарма боюнча жалпылашат.

**Адабий-чыгармачылык компетенттүүлүк** – ар түрдүү типтеги жазуу иштерди жана түрдүү жанрдагы жана формадагы адабий чыгармачыл иштерди жазууга жөндөмдүүлүк; монологдук жана диалогдук кепке ээ болуу жана кептик баарлашууга кирише билүү; уккан жана окуган көркөм чыгармадагы маалыматты чагылдырган жазуу иштерин жаратуу; энциклопедияларды, сөздүктөрдү, интернет-ресурстарды ж.б.ларды кошуп ар кайсы маалымат булактардагы таанып билүүчүлүк жана коммуникативдик тапшырмаларды чечүү; кепти толуктоо жана байытуу, кеп маданиятын өздөштүрүү жана стилдик боёктогу кепке ээ болуу.

**Божомолдоо**– текстти окуурдун алдында андагы окуяларды алдын-ала билип, аңдоо, баамдоо. Чыгарманын аталышы, таяныч сөздөр, тексттин алдында сунушталган сүрөт боюнча окурмандык тажрыйбага таянып тексттин маанилик, тематикалык жана эмоционалдык багытталышын аныктоо.

**Гендердик теңчилик** – аялдар менен эркектердин бирдей укуктук статусу жана аны ишке ашыруунун бирдей мүмкүнчүлүктөрү, жынысына карабастан адамдарга жашоонун саясий, экономикалык, эмгектик, социалдык, коомдук жана маданий чөйрөлөрүндө өз мүмкүнчүлүктөрүн эркин пайдаланууга мүмкүндүк берет.

Адабият аркылуу адамдын журум турумуна чон таасир этсе болот. Окуучулар өздөрүнө жаккан каармандарга окшош болгусу келет. Ошондуктан гендердик тенчилик,басмырлоосуз жашоо, инклюзия деген нерселердин билуусу окуучулардын каармандарды туура багытта анализдоого жардам берет.

**Гендердик стереотип -** бул аялдар менен эркектер ээ болгон, ээ болууга же аткарууга тийиш деп эсептелген мүнөздөмөлөр жана ролдор жөнүндө жалпыланган көз караш же алдын ала түшүнүү.

**Гендердик сезимталдык -** жыныс белгиси боюнча басмырлоонун негизинде жаткан социалдык-маданий факторлорду көңүлгө тутуу жана түшүнүү. Пландалып жаткан өзгөртүүлөр жана ыкмалар аял менен эркектин акыбалын эске алып, алардын акыбалын андан ары начарлатпаса жана гендердик тең салмактуулукка жетүүгө өбөлгө болсо, анда алар гендердик жактан сезимтал болот.

**Глобалдык компетенттүүлүк** – бул төмөнкү глобалдык компетенттүүлүктөрдү камтыган көп өлчөмдүү жөндөм: глобалдык жана маданияттар аралык маселелерди изилдөө, ар кандай дүйнө таанымдарды жана көз караштарды түшүнүү жана баалоо, башкалар менен ийгиликтүү жана сый мамиледе болуу, жамааттык бакубаттуулук жана туруктуу өнүгүү үчүн аракеттерди көрүү жөндөмдүүлүгү;

**Дискриминация** – расасына, өңүнө, жынысына, тилине, динине, саясий же башка көз карашына, улуттук же социалдык тегине, мүлкүнө, туулгандыгына же башка жагдайга негизделген жана бардык укуктарды жана эркиндиктерди бардык жактар тарабынан, бирдей

негизде таануу, колдонуу жана жүзөгө ашырууну жок кылуу же маанисин кемитүү максатын же натыйжасын көздөгөн айырмалоо, четтетүү, чектөө же артыкчылык берүү.

**Долбоордук окутуу** – практикалык же теориялык маанилүү маселелерди чечүүдө алынуучу, окуучулардын өз алдынча жана топтук ишин талап кылган натыйжаларга багытталган окуучулардын когнитивдик (таанып-билүү), аффективдик (эмоционалдык-баалуулук) жана жүрүм-турумдук ишмердигин уюштурууну камсыз кылуучу педагогикалык технология.

**«Жашыл көндүмдөр»** – жашоодо экологиялык коопсуз ыкмаларга ээ болуу, ресурстарды үнөмдөөчү туруктуу коомду өнүктүрүү жана колдоо, экологиялык көйгөйлөрдү аныктоо, чечүү жана алдын алуу үчүн зарыл болгон билимдер, баалуулуктар жана көрсөтмөлөр.

**Индивидуалдуулук** – жеке адамдын кайталангыс бөтөнчөлүгү, бир гана өзүнө таандык өзгөчөлүктөрүнүн жыйындысы. *Индивидуалдуу стиль (педагогикалык)* – педагогикалык иш-аракеттердин жана баарлашуунун конкреттүү педагогго таандык өзгөчө стили.

**Индикатор/Көрсөткүч** – бул бир нерсенин абалын чагылдыруучу же көрсөтүүчү чен, «өлчөгүч прибор». Окуп үйрөнүүнүн натыйжаларынын көрсөткүчү (индикатору) – окуучунун жүрүм-турумунан байкалуучу, болжолдонгон натыйжага жетишилгендигин далилдөөчү конкреттүү белгилер. Бааланууучу кубулуштун абалын билүү үчүн көмөк көрсөтүүчү конкреттүү мүнөздөмөлөр, сандык маалыматтар, көрсөткүчтөр, өлчөгүчтөр («Кантип, эмненин жардамы менен өлчөөлөрдү жүргүзүүгө болот?») - деген суроого жооп берет).

**Инклюзивдик билим берүү** - билим берүү муктаждыктарынын ар түрдүүлүгүн жана жеке мүмкүнчүлүктөрүн эске алуу менен бардык окуучулар үчүн билим алууга бирдей мүмкүнчүлүктү камсыз кылуу.

**Инклюзия** – билим берүүгө киргизүү (кошуу) - айрым окуучулардын ар кандай керектөөлөрүн канааттандыруу үчүн мектептеги маданиятты, саясатты жана практиканы трансформациялоо зарылдыгын таануу, ошондой эле бул мүмкүнчүлүккө тоскоолдук кылган тоскоолдуктарды жоюу милдети; инклюзивдүү мамиле социалдык жана физикалык чөйрөнү өзгөртүүнү камтыйт, ал бардыгы үчүн достук жана жеткиликтүү болууга тийиш.

**Интерактив** –(*анг.* inter - өз ара, act - иш-аракет); кимдир бирөө менен иштешүү, аңгемелешүү, диалог жүргүзүү кырдаалы. Интерактивдүү усулдар окуучулардын мугалим менен эле эмес, өз ара да кыйла кеңири иштешүүсүнө, окуу процессинде окуучулардын демилгелүү болушуна ылайыкталат. Интерактивдүү сабактарда мугалим окуу максатына жетүү үчүн окуучулардын ишмердигин багыттап гана турат.

**Интерпретациялоо** – түшүндүрүү, көркөм чыгарманын бүтүндөй маанисин, анын идеясын, концепциясын кабылдоо.

**Искусствонун чыгармаларын кабыл алуу** – өздөштүрүп жаткан чыгарманын мазмунуна окурмандын өз жашоосундагы тажрыйбасын, дүйнөнү өзүнүн ачык көрө алуусун, өзүнүн башынан өткөргөндөрүн, өз мезгилиндеги социалдык маанилүү окуяларды баалоосун кошумчалоо жөндөмдүүлүгү. Көркөм образды баамдап түшүнүүнүн маанилүү жана зарыл элементи болуп эстетикалык кабыл алуу процессинде пайда болгон эмоциялар жана жазуучу жараткан көркөм образдарга өз мамилесин ойлору, сезимдери аркылуу көрсөтүү жөндөмү: аларды элестетүү, алар менен кошо кайгыруу же сүйүнүү, аларга маани берүү, баалоо.

**Компетенттүүлүк** – окуучунун ар түрдүү билимдердин, билгичтиктердин элементтерин жана иш - аракеттин ыкмаларын белгилүү бир кырдаалда (окуу, инсандык, кесиптик) өз алдынча колдонууга болгон интегративдик жөндөмдүүлүгү.

**4к компетенттүүлүгү** – адамга/окуучуга ар кандай чөйрөдө ийгиликтүү иштөөгө жардам берген төрт негизги көндүмдөрдүн тутуму (чыгармачылык, сынчыл ой жүгүртүү, кызматташуу жана коммуникация).

- **Сынчыл (критикалык) ойлом** – маалыматтардын агымын туура тандай алат, себеп-натыйжа байланыштарын көрө алат, керексиздерин алып салып, жыйынтык жасай алат.
- **Креативдүүлүк(чыгармачылык)** – кырдаалды ар тараптан баалоо, адаттан тыш чечимдерди кабыл алуу жана өзгөрүлүп жаткан жагдайларда өзүн ишенимдүү сезүү.
- **Коммуникация -** сүйлөшүүлөрдү жүргүзүү жана байланыш түзүү, маектешти угуу жана өз көз карашыңызды жеткире билүү.
- **Кооперация (кызматташуу)** – башка адамдар менен натыйжалуу өз ара аракеттенүү, ар кандай командаларда иштөө, жалпы максатты жана ага жетүү жолдорун аныктоо, ролдорду бөлүштүрүү жана натыйжаны баалоо.

**Көп маданияттуулук принциби** – окуучулар этностордун, социалдык топтордун жана маданияттардын искусстводо чагылдырылган жалпылыгы жана өзгөчөлүктөрү жөнүндө түшүнүктөрүн калыптандыруусу

**Коопсуз билим берүү чөйрөсү –** окутуу шартын камсыз кылган чөйрө, анда окуп жаткандарга таасир эте турган зыяндуу же коркунучтуу факторлор болбойт же алардын таасири аныкталган ченемден ашпайт.

- Физикалык коопсуздук коопсуз имараттарды, курулмаларды, инфраструктураларды, кайтарууну, терроризмден корголгондукту билдирет.
- Экологиялык коопсуздук коопсуз тамактануу, гигиена менен санитария, эмеректердин, жабдуулардын сапаты, турак жайдын ичиндеги микроклимат, жарыктандыруу, жалпы билим берүүчү уюмдардын химиялык булгануу тобокелчилигин жок кылуу маселелерин жөнгө салууну өзүнө камтыйт.
- Психологиялык жана маалыматтык коопсуздукка зомбулуктун бардык түрүн минималдаштыруу, инсандын өнүгүүсүнө шарт түзгөн, толеранттуу чөйрөнү уюштуруу, ошондой эле маалыматтык тобокелчиликтерден коргоо кирет.

**Кошумча билим берүү** –жарандардын кошумча билим алуу муктаждыгын канааттандыруу үчүн уюштурулган окутуу. *Балдарга кошумча билим берүү* – жалпы билим берүү ж. б. билим берүү уюмдарында окуудан бош мезгилинде базалык билим берүүдөн тышкары кошумча программаларды өздөштүрүү аркылуу балдардын, өспүрүмдөрдүн жана жаштардын кесипти эркин тандоосуна жана алардын кызыкчылыктарын, рухий талаптарын жана муктаждыктарын толугураак канааттандырууга негизделген мектепке чейинки, мектептик жана кесиптик билим берүү тутумунун бир бөлүгү.

**Критерийлер боюнча баалоо -** бул окуучулардын билим жетишкендиктери так аныкталган, биргелешип иштелип чыккан, мурда окуу процессинин бардык катышуучулары үчүн белгилүү болгон, билимдин максаттарына жана мазмунуна шайкеш келген критерийлер менен салыштырып, окуучулардын компетенттүүлүгүн калыптандырууга негизделген баа.

**Мазмундук тилке (линия)** – окуу предметинин мазмунун аныктап турган өзөктүк, тематикалык багыттар.

**Медиасабаттуулук** – билдирүүлөрдү ар кандай формада колдонуу, талдоо, баалоо жана жеткирүү жөндөмдүүлүгү.

**Мотивация/Ички каалоо** (*лат.* movere – кыймылга келтирүү, түрткү берүү) – инсандын, аң-сезими менен түшүнгөн, кыймыл-аракеттерин жана жасай турган жумуштарды тандоодо негиз болгон себеп; талдоо негизинде тынымсыз жүрүп туруучу тандоо менен чечим кабыл алуу процесси; окууга болгон каалоо, иш-аракетке умтулуу; адамдын жүрүм-турумуна, багытталышына жана жигердүүлүгүнө таасир этүүчү жагдайлардын, анын муктаждыктарынын, умтулууларынын жыйындысы.

**Негизги компетенттүүлүктөр** – социалдык, мамлекеттик, кесиптик тапшырыкка ылайык аныкталган, окуу предметтеринин базасында жүзөгө ашырылган жана окуучунун

социалдык тажрыйбасына негизделген көп функциялуулукка ээ болгон жана предметтен жогору турган билим берүүнүн өлчөнүүчү натыйжасы.

**Ойлоо ишмердүүлүгү**– окуучуларды адабий чыгарманы түшүнүүгө жана анын маанисин жаратууга багыттаган атайын уюштурулган активдүүлүк.

**Окурманга багытталган ыкма** – максаттарды пландаштыруу окуучунун окурмандык компетенттүүлүгүн калыптандырууга, кабыл алуу көндүмдөрүн өнүктүрүүгө, көркөм текстти талдоо жана интерпретациялоого, аны чыгармачыл иштеп чыгууга жана өз тексттерин жаратууга көңүл бурган ыкма.

**Окурмандык компетенттүүлүк** – адабий чыгарманы эстетикалык өздөштүрүүгө жөндөмдүүлүк, искусствонун башка түрлөрүнүн катарында адабияттын өзгөчөлүгү жөнүндө түшүнүгүн калыптандыруу, образдуу сөздүн көркөм көп маанилүүлүгүн, ассоциативдүүлүгүн, көрүү жана угуу дааналыгын ачуу аркылуу образдык сөздү түшүнүү жана инсандык деңгээлде өздөштүрүү; теориялык-адабий түшүнүктөр жөнүндө үйрөнүүчү предмет катары эмес, көркөм чыгарманы түшүнө билүүгө жардамдашкан курал, каражат катары түшүнүктү өнүктүрүү.

**Окутуу максаты** – окуучулар когнитивдик (таанымдык), аффективдик (сезимдик-баалуулук) жана жүрүм-турумдук чөйрөлөрдө жетише турган окутуунун акыркы жана аралык натыйжалары.

**Окутуу технологиясы** – так жана конкреттүү коюлган максатты (окутуунун натыйжаларын) жана ага ийгиликтүү жетүүнү камсыз кылуучу окутуу усулдары менен ыктарын пайдаланууну камтыган мугалим менен окуучунун өз ара аракеттешүүсүнүн үлгүсү. Окутуу технологиясы мугалим менен окуучунун иштиктүү өз ара аракеттешүүсүнүн камсыз кылган таанып-билүү ишмердигинин стратегиясына негизделет.

**Окутуу усулдары** (тар мааниде «усул-ыкма») –бул(мугалим жетектөөчү роль ойногондо)окутуунун билим берүүчүлүк, өстүрүүчү жана тарбиялоочу максаттарына жетишүүгө багытталган мугалим менен окуучулардын өз ара аракеттешүүсүнүн белгилүү ыкмалары (кеңири мааниде «усул-концепция») – окутуунун ыкмалары менен каражаттарынын жыйындысы.

**Окуудан күтүлүүчү натыйжалар** – билим берүү процессинин белгилүү бир баскычындагы негизги жана предметтик компетенттүүлүктөргө ээ болуу деңгээлдери көрүнүп турган окуучулардын жетишкендиктеринин жыйындысы;

**Предметтик стандарт** – окуу предметинин алкагында окуучулардын жетишкендиктерин, аларга жетүү жана аларды баалоо ыкмаларын жөнгө салган документ.

**Предметтик компетенттүүлүктөр** – билим берүү натыйжаларынын жыйындысы түрүндө айрым предметтердин материалында аныкталуучу компетенттүүлүк.

**Социалдаштыруу** (*лат.* socialis –коомдук) – адамдын баарлашуу жана ишмердүүлүк аркылуу коомдогу социалдык тажрыйбаларды өздөштүрүп, өзүнө сиңирүүсү жана аны өзүнүн жүрүм-турумуна колдонуусу.

**Социалдык адаптация** – адамдын өзгөрүп жаткан социалдык чөйрөгө ыңгайлашуусу, жаңы топко көнүгүшүп кетүүсү.

**Скаффолдинг** – бул көйгөйдү чечүү үчүн, тапшырмаларды аткаруу үчүн же баланын жеке аракеттеринин, мүмкүнчүлүктөрүнүн чегинен тышкары максаттарга жетишүү үчүн балага ар кандай колдоо көрсөтүүнүн түрлөрүн камсыз кылган мамиле. Бул окуучулар арасында өз алдынчалуулукту акырындык менен түзүүгө жардам берген усул.

**Усул (метод)** (грек.*metodos–жол*)–турмуш-тажрыйбада таанып-билүүнүн белгилүү натыйжаларына жетүү ыкмасы

**Функционалдык сабаттуулук** – адамдын ишмердүүлүгүнүн, баарлашуунун жана коомдук мамилелердин ар кандай чөйрөлөрүндө практикалык жана турмуштук маселелердин “кеңири диапазонун” чечүү үчүн окуу процессинде алган билимдерин, билгичтигин жана көндүмдөрүн колдоно алуу жөндөмдүүлүгү.

**Шыктандыруу / Ички каалоо** –(*лат.* movere – кыймылга келтирүү, түрткү берүү): (1) инсандын, аң-сезими менен түшүнгөн, кыймыл-аракеттерин жана жасай турган жумуштарды тандоодо негиз болгон себеп; (2) талдоо негизинде тынымсыз жүрүп туруучу тандоо менен чечим кабыл алуу процесси; (3) окууга болгон каалоо, иш-аракетке умтулуу; (4) адамдын жүрүм-турумуна, багытталышына жана жигердүүлүгүнө таасир этүүчү жагдайлардын, анын муктаждыктарынын, умтулууларынын жыйындысы.

**Эмоционалдык баалуулук компетенттүүлүгү** – окуучунун адабиятта чагылдырылган адептик жана эстетикалык баалуулуктарды аныктоого жана түшүнүүгө, сезимдерин, мамилесин билдирүүгө, ой жүгүртүүгө, аларга карата өзүнүн мамилесин негиздөөгө жана базалык улуттук баалуулуктар менен байланыштырууга, гуманисттик позицияларды жактоого жөндөмдүүлүгү**.**

## 2-БӨЛҮМ. ПРЕДМЕТТИН КОНЦЕПЦИЯСЫ

"Кыргыз жана дүйнө адабияты" предмети филологиялык билим берүү чөйрөсүнүн бир бөлүгү болуп саналат. Бул окуучулардын функционалдык, окурмандык сабаттуулугун калыптандырууда, эмоционалдык жана эстетикалык өнүгүүсүндө көркөм адабияттын мыкты үлгүлөрүнүн мааниси чоң . Кыргыз жана дүйнө адабиятынын окуу предмети катары мазмунунун негизин кыргыз жана дүйнөлүк адабияттын алтын фондун түзгөн көркөм чыгармаларды окуп-үйрөнүү түзөт. Адабият ааламдын сырын, адамдын жан дүйнөсүнүн эстетикалык камылгасын, туюмун кабылдап, анын турмушунун ар кыл жактарын көркөм образдар аркылуу чагылдырат. Адабияттын адеп-ахлактык, эстетикалык, таалим-тарбиялык, дүйнө таануучулук жана билим берүүчүлүк мүмкүнчүлүгү өтө кенен.

Адабий чыгармаларды кабыл алуу, анализдөө, интерпретациялоо окурмандык ишмердүүлүктүн белгилүү ыкмаларына жана түрлөрүнө таянып, кыргыз жана дүйнөлүк адабияттагы чыгармаларды, образдарды, сюжеттерди салыштырууга негизделет.

Көркөм чыгармаларды тандоонун негизги критерийлери болуп алардын жогорку көркөм баалуулугу, гуманисттик багыты, окуучуга позитивдүү таасири, баланын жаш өзгөчөлүгүнө жана өнүгүүсүнө, ошондой эле Кыргыз Республикасындагы маданий-тарыхый салттарга жана адабий билим берүүнүн тажрыйбасына ылайык келиши эсептелет.

Кыргыз жана дүйнө адабияты предмети окурмандык багыттагы окутууга таянат. Концептуалдык жоболор компетенттүүлүктү өнүктүрүүнү аныктоочу факторлорго негизделет:

- окуучулардын адабий өнүгүүсүнүн жана курактык мезгилдеринин өзгөчөлүктөрү;
- адабий чыгарманы дүйнөнүн жана адамдардын мамилелеринин көркөм модели катары түшүнүүнүн өзгөчөлүгү;
- адабияттардын улуттук өзгөчөлүгүн эске алуу менен көркөм текстти кабыл алуу жана түшүнүү деңгээлдери;;
- нравалык-эстетикалык баалуулуктарды калыптандыруу.

Көркөм адабиятты кабыл алуу жана терең түшүнүү үчүн маданияттардын диалогу маанилүү болуп саналат. Окуучунун инсандык өнүгүүсү өз маданиятын тааннуудан кыргыз жана дүйнө адабиятын таанууга чейинки жолду басып өтөт. Мындай мамиле аркылуу маданияттар аралык түшүнүү үчүн шарттар түзүлөт.

Маданияттардын диалогу кыргыз жана дүйнө адабиятын айкалыштыруунун конкреттүү издөө жолдорун камтыйт. "Көркөм кеп системаларынын айкалышуусу" (Л.А. Шейман) жөнүндөгү түшүнүк ар башка элдердин адабиятына мүнөздүү типологиялык жалпылыкты табууну болжолдойт жана ушул жалпылыктын негизинде гана окуучулардын башка маданиятты билүүсү, анын улуттук өзгөчөлүгүн түшүнүүсү ишке ашат.

Кыргыз жана дүйнө адабияты сабагы - окуучуларды эне тилин жана башка элдердин маданиятын, жергиликтүү калктын тилин, маданиятын сүйүүгө, анын сырларын терең өздөштүрүүгө үйрөнүүнүн сабагы.

Кыргыз жана дүйнө адабияты искусствонун өзгөчө түрү катары коомдук аң-сезимдин башка формалары: мораль, дин, философия менен тыгыз байланышта. Адабият таануу илими менен адабий сын, коомдук жана гуманитардык илимдер: тил илими, өнөр таануу, этика, эстетика, тарых, психология, педагогика жана логика менен байланышта өнүгөт.

Адабий чыгармаларды изилдөө окурманга багытталган мамиле же окуунун окурмандык багыты, бул окуучулардын функционалдык сабаттуулугун калыптандырууга мүмкүндүк берет. Орто мектепте негизги мектеп менен үзгүлтүксүздүк байкалат, ошондой эле окуучулардын социалдык тажрыйбасы эске алынат.

Окуучулардын адабий өнүгүүсүнүн үч мезгили бөлүп көрсөтүлөт. (Н.Д. Молдавская, В.Г. Маранцман, Никифорова).

**5-6-класстардын** окуучуларынын кадимки өнүгүүсүнө мүнөздүү болгон аркы-беркини көп байкабаган, аңдабаган реализм алардын аң-сезиминде чындык менен искусствонун кошулуп биригүүсүнө алып келет. Бул куракта балдар эмоционалдуу активдүү, таасирленүүсү жана элестетүүсү күчтүү болгондуктан, алар чыгарманын идеясына, андагы окуялардын маанисине объективдүү мамиле кылышат. Бирок, автордук көз карашка кызыгуусу жана көркөм формага көңүл буруусу али өнүгө элек, ошондуктан окуганы, көргөнү боюнча алган таасирленүүсүн логикалык аргументтештирүү алар үчүн кыйыныраак. Мектеп окуучусунун эстетикалык жана адеп-ахлактык эволюциясынын ушул мезгилдеги жолу – ички уйгу-туйгу сезимден баалоого карай, сюжеттен каармандардын образдарына карай жана автордун өз каарманына жасаган мамилесине карай болот.

**7-8-класстардын** окуучуларында өзүн адеп-ахлактык тараптан тереңдетүү мезгили башталат. Алардын көркөм чыгармага болгон мамилеси инсандык жана субъективдүү боло баштайт. Өспүрүмдүн көбүнчө өзүнө ыклас коюшу чыгарманын объективдүү маанисин көрө билүүгө тоскоол болот. Автордук идеяны анын жеке инсандык көйгөйлөрү тосуп калат. Бул куракта окуучулардын чыгармачылык элестетүүсүнүн ылдам өнүгүүсү алардын текстти өз билгендей кылып негизсиз түшүнүүсүнө алып келет. Адабий чыгарманын адеп-ахлактык проблематикасын актуалдаштыруу, адабий жанрлар жана түрлөр жөнүндө түшүнүктөрүн систематизациялоо адабий билим берүүнүн негизги тапшырмасына айланат. Адабий чыгарманын окурмандык интерпретацияланышы анын илимий түшүндүрүлүшү менен, тексттин музыкада, сүрөт искусствосунда, театрда жана кинодо көркөм интерпретацияланышы менен салыштырылат.

**9-11-класстарда** окуучулардын “Мен жана дүйнө” маселесине – ушул курактын байланыштарды билүү мезгилиндеги, себеп менен келип чыгууларды аңдоо мезгилиндеги борбордук маселеге кызыгуусу байкалат. Мектеп окуучуларынын жашоону көрө билүү горизонту кеңейет: алар адеп-ахлактык эле эмес, социалдык, эстетикалык көйгөйлөр менен алектенишет, аларда дүйнөнүн бүтүндөй толук картинасын түшүнүү, анын тарыхый өнүгүүсүн түшүнүү муктаждыгы пайда болот. Искусство чыгармасынын көркөм формасына көңүл буруусу тереңдейт, тексттин, живопись картинасынын, музыкалык пьесанын өз ара ички байланыштарын издөө башталат. Ушул мезгилде мектеп окуучуларын баарынан көп реалдуу жашоону адабият менен салыштыруу, искусствонун түрлөрүн бири-бири менен салыштыруу, искусствонун тарыхый өнүгүү мезгилдерин көркөм индивидуалдык менен салыштыруу кызыктырат.

Жогорку мектеп жашындагы окуучулар каармандын татаал ички дүйнөсүнө кызыгышат, автордун чыгармачыл көз карашын биле алышат. Жаш кезинде адамдын дүйнө таанымын, анын инсандыгынын адеп-ахлактык касиеттеринин маңызын түшүнүүгө болгон каалоо күчөйт. Окутуунун бул баскычтагы окуучулардын көпчүлүгү чыгарманын көркөм маанисин баалоого жөндөмдүү, эстетикалык мүнөздөгү жалпылоону өз баалоолорунда колдонушат. Жалпысынан алганда, улуу мектеп жашына окуу тажрыйбасын бирдик катары түшүнүү менен системалаштырууга умтулуу мүнөздүү. Окуучулардын катарына текстти эмоционалдуу кабыл алуу жөндөмүнө зыян келтирип, окугандарын ашыкча логикалаштыруу мүнөздүү. Бул курак

үчүн теориялык жалпылоочу пландын көйгөйлөрүнө кызыгуу жана алардын көз карандысыз, инсандык чечимин табуу зарылдыгы мүнөздүү.

Бул көз караштан алганда, адабиятты окутуунун негизин мектепте билим берүүнүн ушул акыркы этабында, текстти биринчи ирет "момун-реалисттик" (Г.А.Гуковский) кабыл алуу гана эмес, ой жүгүртүү процессин өнүктүрүүгө багытталган аналитикалык талдоо түзөт. Бул болсо чыгарманы биринчи ирет кабыл алуу менен аны жыйынтыктоочу эстетикалык аңдоонун ортосундагы байланыштырган звено болуп калат.

Стандарттын негизин М.М.Бахтиндин адабият жөнүндө көркөм бүтүндүк катары, дүйнөнүн көркөм модели катары караган концепциясы түздү. Өсүп келе жаткан жаш адамды текст аркылуу автор менен маектешүүгө үйрөтүү, бул маектин толук жарамдуу катышуучусу болууга үйрөтүү – адабияттын мектеп курсунун негизги билим берүүчүлүк милдети.

## 2.1. Окутуунун максаттары жана милдеттери

Адабий билим берүүнүн жалпы максаты – мектеп окуучусун өз улутунун жана дүйнөлүк көркөм адабияттын мыкты казыналары менен тааныштыруу. Алардын дүйнөнү кабылдоодогу эстетикалык табитин ойготуп, өнүктүрүп, атуулдук, адеп-ахлактык позициясын бекемдөө.

**Адабиятты 5-9-класстарда окутуунун максаттары**:

- сабаттуу окурманды тарбиялоо жана мектеп окуучусунун адабий чыгармаларды окуу маданиятын өстүрүү;
- көркөм адабиятты эстетикалык кабыл алуусун калыптандыруу;
- натыйжалуу окурмандык чыгармачылыкка кызыктыруу, түрткү берүү.
- Окуучуну Кыргызстандын жараны катары тынчтыктын, тендиктин, басмырлоосуз жашоонун, инклюзия жана адам укуктарын сыйлоо, өзүн дүйнөлүк коомчулуктун бир бөлүгү катары сезүү духунда тарбиялоо.

**Милдеттери:**

- мектеп окуучусунун окурмандык толук кабыл алуусун, кыргыз жана дүйнөлүк адабияттын чыгармаларын түшүнүүсүн камсыздоо;
- кыргыз жана дүйнөлүк адабияттын сөз түрүндөгү искусство катары өзгөчөлүгүн түшүнүү үчүн шарттарды түзүү;
- окуучунун көркөм чыгарманы кабыл алуусундагы эмоционалдык баалуулук мамилелерди билдирүүсүнө жана Көркөм кеп өнөрүн мыкты өздөштүрүүсүнө түрткү берүү;
- чыгарманын маанисин түшүнүүсү жана текст менен өз ара аракеттешүүсү үчүн окуучунун ой жүгүртүү ишмердүүлүгүн активдештирүү;
- окуучулардын адабий-чыгармачылык ишмердүүлүгүнүн ар кандай түрлөрүн өбөлгөлөө

**10-11-класстарда адабиятты окутуунун максаттары:**

- кыргыз жана дүйнөлүк адабиятты жана алардын өз ара байланышын системалуу түрдө окутуу;
- дүйнөлүк адабий процесс жана анын негизги мыйзам ченемдүүлүктөрү, адабий-көркөм стилдердин көп түрдүүлүгү тууралуу жалпы түшүнүк берүү;
- тиешелүү окутуу тилинде негизги окурмандык компетенттүүлүктөрдү тереңдетүү жана жакшыртуу.
- Окуучуну Кыргызстандын жараны катары тынчтыктын, тендиктин, басмырлоосуз жашоонун, инклюзия жана адам укуктарын сыйлоо, өзүн дүйнөлүк коомчулуктун бир бөлүгү катары сезүү духунда тарбиялоо.

**Милдеттери:**

- окуучулардын дүйнөнүн жалпы картинасы, өткөн учурдун адабияты жана маданияты тууралуу түшүнүгүн калыптандырууга шарт түзүү;

- адабий чыгарманы көркөм бүтүндүк катары талдоо жана чечмелөө билгичтиктерин жакшыртууга түрткү берүү;
- улуттук-маданий өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен кыргыз, орус, өзбек, тажик жана дүйнө элдеринин жана доорлордун көркөм адабиятын эстетикалык кабыл алуусун өнүктүрүүнү камсыздоо;
- окуучулардын ар түрдүү жанрларда дил баян жазуусуна түрткү берүү.

Кыргыз жана дүйнөлүк адабияттын окуу предмети катары үйрөнүүнүн объектиси – кыргыз адабиятындагы жана дүйнөлүк адабияттагы көркөм чыгармалар (фольклор, ырчылар чыгармачылыгы, жазгыч акындардын поэзиясы, совет мезгилиндеги жазуучулардын чыгармалары, азыркы адабият) жана эне тилине мыкты которулган дүйнөлүк классика. Мында, албетте, эне тилинде жазылган чыгармаларды окуп-үйрөнүүгө артыкчылык берилет. Ошол эле мезгилде адабият таануунун, адабият теориясынын, көркөм сындын айрым үлгүлөрү да бул же тигил чыгарманы терең өздөштүрүү үчүн окуп-үйрөнүлөт.

### 2.2. Предметти түзүүнүн методологиясы

Кыргыз жана дүйнө адабиятын окутуу иштери педагогика илиминин жалпы, атайын жана жеке методологиясынын жоболоруна негизделет. Кыргыз жана дүйнө адабиятын окутуу процессинде инсанга багытталган окутууга өзгөчө маани берилет. Кыргыз жана дүйнө адабиятын окутуунун жалпы мазмуну төмөнкүлөрдү камтыйт:

**1. Кыргыз жана дүйнөлүк адабиятты окутууну социалдаштыруу маселеси.** Кыргыз жана дүйнөлүк адабиятты окутууну социалдаштыруу чыныгы социалдык-турмуштук, коомдогу муктаждыктарга жараша аныкталат. Учурдагы кыргыз жана дүйнөлүк адабият – окуучулардын сөз байлыгынын кенен болушуна, сүйлөө маданиятынын калыптанышына, ой жүгүртүүсүнүн өнүгүшүнө кызмат кылуусу шарт. Мектеп окуучусу кыргыз жана дүйнөлүк адабиятын өз дүйнө таануусунун, адеп-ахлак, таалим-тарбия алуунун негизги каражатыкатары кабыл алып, адабияттык билимди терең өздөштүрүп, өз турмушунда колдоно алуусуна жетиштирүү максаты коюлат.

**2. Кыргыз жана дүйнөлүк адабиятты окутууну ааламдаштыруу маселеси.** Бул кыргыз жана дүйнөлүк адабиятты окутууда иштелип чыккан концепцияларды, технологияларды, критерийлерди ж.б. алардын соңку жетишкендиктерин пайдалануу. Кыргыз жана дүйнөлүк адабиятты эл аралык, улуттар аралык карым-катнаштын, көп маданияттуу билим берүүнүн каражаты катары колдонуу, окутуу ишинде артыкчылык берүү.

**3. Кыргыз жана дүйнөлүк адабиятты окутууну гумандаштыруу маселеси.** Мында кыргыз жана дүйнөлүк адабиятты окутуу процессинде мугалимдердин, окуучулардын, ата-энелердин карым-катнашы, кызматташтык мамилелери, бири-бирин урматтоосу гумандуу педагогиканын шарты катары саналат. Мугалим адабий түшүнүктөрдүн жыйындысын берүүчү гана адис эмес, окуучулардын адабий билимди, окурмандык, функционалдык сабаттуулукту, билгичтикти, көндүмдөрдү калыптандыруучу катары саналат. Кыргыз жана дүйнөлүк адабият сабактары мугалим менен окуучунун бири-бирин урматтоо сезимин калыптандырган, бир максатка багытталган ишмердүүлүктү жаратуу процесси болуп саналат.

**4. Кыргыз жана дүйнөлүк адабиятты окутуунун философиялаштыруу маселеси.** Кыргыз жана дүйнөлүк адабиятты окутуу процессинде көркөм чыгармалардын философиялык маани-маңызы адабиятты окутуу процессинде окуучулар өз алдынча адам мүнөзүнүн маселелерин философиялык жактан өздөштүрүшү, аларга: жакшылык менен жамандык, акыйкат менен наадандык, өмүр менен өлүм, адам жана кудай, адеп-ахлак жана муундар тагдыры, жеке адам жана табийгат, адамдык нарк, ыйман, парз, сыймык, ар-намыс ж.б.

түшүнүктөрдүн көркөм чыгармада чагылдырылышы. Чыгарманын философиялык маанисин, кыргыздардын улуттук ойлоо өзгөчөлүктөрүн талдоо, аларга баа берүү.

Кыргыз жана дүйнөлүк адабиятты окутууга коммуникативдик мамиле жасалып, окутуунун объектисин көркөм текст түзүүсү, ал эми сабак процесси жандуу сүйлөшүү, талдоо, талкуулоо, баяндоо иштери аркылуу жүргүзүлүшү шарт.

**Адабияттарды өз ара байланышта окутуу принциби**. Бул принципти ишке ашыруу көркөм-эстетикалык багыттарды, жакын тематикадагы чыгармаларды мазмундук жактан талдоого алуу, сюжети окшош чыгармаларды үйрөнүү, автордук тексттин стилистикалык өзгөчөлүгүн дүйнөлүк адабият жана жеке улуттук мурастын баалуулуктары менен бирдикте табууну көздөйт.

**Көп маданияттуулук принциби** Кыргызстандын көп маданияттуу коомчулугунун шартында адабиятты окуп-үйрөнүүдөгү негизги принцип болуп саналат. Ал башка элдин маданиятын түшүнүүнү калыптандырууга, этникалык башка адамдарга мамиле боюнча толеранттуулукту тарбиялоого, башка адамдарды түшүнүү жана алар менен өз ара аракеттешүү жөндөмдүүлүгү, атуулдукту тарбиялоого жана Кыргызстанды көп адамдардын жалпы үйү катары сүйүү сезимине кызмат кылат. (“Кыргыз жараны”) Ата мекендик адабияттын дүйнөлүк адабияттын контекстинде барктуулугун түшүнүү маанилүү болуп саналат.

Окуучулардын башка адабиятты эмоционалдык-эстетикалык кабыл алуусунун өзгөчөлүгүнө этномаданияттын тийгизген таасиринин **илимий негиздери** (Л.А. Шейман, М.В. Черкезова), «окуудагы этномаданияттаануу» илимий-методикалык багытына (Л.А. Шейман) жана кыргыз жана дүйнөлүк адабиятты тутумдаштырып окутуунун маданияттаануучулук принциптерине таянуу.

**Инклюзия принциби** Ар бир бала окуу процессинде катышат. Алардын бири да сырткы келбетине, жынысына, ден соолук абалына жана башка өзгөчөлүктөрүнө карабастан өзүн жок жана четте калгандай сезбейт.

**Тексттерди түшүнүү жөнүндө илим (**герменевтика) кабыл алуунун, интерпретациялоонун, адабий кубулуштар менен образдарды түшүндүрүүнүн принциптеринин жыйындысы катары “адамдын ички тажрыйбасына” негизделет. Көркөм образдарды өзүнүн инсандык, адептик, эстетикалык, интеллектуалдык тажрыйбасы менен салыштыруу аркылуу текстти түшүнүү, ошондой эле окуучу тиешелүү болгон элдин маданиятындагы тажрыйбаны эске алуу менен таяныч боло аларлык түшүнүү болуп калат.

**Баалуулуктардын теориясы** (аксиология**)** искусство чыгармаларын окуу жана маани берип түшүнүүнүн негизинде көркөм, адеп-ахлактык жана маданий баалуулуктарды калыптандырууну божомолдойт.

**Искусствону көркөм кабыл алуу психологиясы** көркөм чыгармага көз караштагы адамдардагы эмоцияны ойготуу үчүн багытталган эстетикалык мазмунга көз караш катары көрсөтөт (Л.С. Выготский).

Бул стандарттарды иштеп чыгуу үчүн негиз түзүүчү базалык категориялар болуп окуучулардын “**кабыл алуу**” жана “**өнүгүү**” категориялары саналат.

**Кабыл алуу** болуп бул учурда адабий чыгармалардагы эстетикалык маалыматты окуучулардын түшүнө билүү жана кайра түзүү деңгээли эсептелет.

**Өнүгүү** предмет боюнча окуучулардын адабий чыгармаларды түшүнүүсүндөгү өзгөрүүлөрдүн ырааттуулугун чагылдырат. Өнүгүү мектеп окурманынын инсан болуп жетилүү этабын эске алат.

### 2.3. Предметтик компетенттүүлүктөр

**Окурмандык компетенттүүлүк**– адабий чыгарманы эстетикалык өздөштүрүүгө жөндөмдүүлүк, искусствонун башка түрлөрүнүн катарында адабияттын өзгөчөлүгү жөнүндө түшүнүгүн калыптандыруу, образдуу сөздүн көркөм көп маанилүүлүгүн, ассоциативдүүлүгүн, көрүү жана угуу дааналыгын ачуу аркылуу образдык сөздү түшүнүү жана инсандык деңгээлде өздөштүрүү; теориялык-адабий түшүнүктөр жөнүндө үйрөнүүчү предмет катары эмес, көркөм чыгарманы түшүнө билүүгө жардамдашкан курал, каражат катары түшүнүктү өнүктүрүү. Окуучулардын ар башка элдерге жана маданияттарга тиешелүү адабий чыгармаларды салыштыруу, талдоо көндүмдөрүнө ээ болуусу.

**Эмоционалдык баалуулук компетенттүүлүгү –** окуучунун адабиятта чагылдырылган адептик жана эстетикалык баалуулуктарды аныктоого жана түшүнүүгө, сезимдерин, мамилесин билдирүүгө, ой жүгүртүүгө, аларга карата өзүнүн мамилесин негиздөөгө жана базалык улуттук баалуулуктар менен байланыштырууга, гуманисттик позицияларды жактоого, башка улуттардын, этностордун баалуулуктарын (маданий, диний, этникалык, гендердик) урматтоо жөндөмдүүлүгү**.**

**Адабий-чыгармачылык компетенттүүлүк –** ар түрдүү типтеги дил баяндарды жана түрдүү жанрдагы жана формадагы адабий чыгармачыл иштерди жазууга жөндөмдүүлүк; монологдук жана диалогдук кепке ээ болуу жана кептик баарлашууга кирише билүү; уккан жана окуган көркөм чыгармадагы маалыматты чагылдырган жазуу иштерин жаратуу; энциклопедияларды, сөздүктөрдү, интернет-ресурстарды жана башкаларды кошуп ар кайсы маалымат булактардагы таанып билүүчүлүк жана коммуникативдик тапшырмаларды чечүү; кепти толуктоо жаан байытуу, кеп маданиятын өздөштүрүү жана стилдик боёктогу кепке ээ болуу.

Бул – чыгармачыл иштерде ар башка адабияттардын авторлорунун чыгармаларынын маданий баалуулуктарын презентациялоо ыкмасы (чыгармачылык, стилдештирүү, башка тилдеги чыгармалардан кыргыз тилине которуу, искусствонун башка түрлөрүнүн тилдерине которуу).

Предметтик компетенттүүлүктүн өзөктүү багыты – кыргыз жарандарын элдик философияны, этнопедагогиканы, элдик тилди ар тараптуу чагылдырган “Манас” эпосундагы идеялар менен тааныштыруу, чыгарманын бай мазмунун, андагы мекенчилдик ойлорду азыркы жаштарды жеткирүү, “Манас” эл турмушунун энциклопедиясы экендигин ушул предмет аркылуу далилдеп көрсөтүү.

Предметтик компетенттүүлүктөр предмет боюнча билим берүүнүн натыйжаларынын тизмегинде көрсөтүлгөн жана динамикада берилген.

Окутуунун убактысы өткөн сайын:

- компетенттүүлүктүн окуучу өздөштүргөн элементтеринин саны жана сапаты артат;
- компетенттүүлүктүн элементтери өзгөрөт жана кеңейет;
- компетенттүүлүктөр мазмундук нуктардын чегинде кесилишип, өз ара жуурулушат, өз ара аракеттенишет, окутуунун жеке тажрыйбасын байытат.

### 2.4. Негизги жана предметтик компетенттүүлүктөрдүн байланышы

Билим берүүнүн мазмунунун жалпы (бардык предметтер үчүн) жана предметтик (ар бир окуу предмети үчүн) болуп экиге бөлүнүшүнө ылайык эки деңгээлдеги компетенттүүлүктөр түзүлүп чыгат: 1) негизги компетенттүүлүк - билим берүүнүн жалпы мазмунуна тиешелүү; 2) предметтик компетенттүүлүк – компетенттүүлүктүн мурунку деңгээлине карата мамиле боюнча жеке компетенттүүлүк, окуу предметинин алкагында калыптандыруу мүмкүнчүлүгүнө жана конкреттүү сүрөттөөгө ээ.

Негизги (мета-предметтик) билим берүү компетенциялары окутуунун ар бир баскычы үчүн билим берүү чөйрөлөрүнүн жана окуу предметтеринин деңгээлинде конкреттештирилет жана предметтик чөйрөдө көрүнөт.

"Кыргыз жана дүйнө адабияты" предметин окутуудагы негизги компетенттүүлүктөр окуучулардын:

* иш-аракеттердин максаттарын иштеп чыгуу (мугалимдин жардамы менен жана өз алдынча);
* максатка жетүү жолдорун пландаштырат жана өзү белгилеген план боюнча иштөө;
* окуу кыйынчылыктарын аныктоо жана иш-аракеттерди оңдоо мугалимдин көзөмөлү астында);
* сунушталган тапшырмалардын арасынан тандоо (өздөрү сунушташат) кызыгууну жана жеке мүмкүнчүлүктөрдү эске алуу менен;
* текстти тереңирээк түшүнүү үчүн суроолорду берүү;
* проблеманы көркөм чыгармада түзүү, аны чечүү жолдорун аныктоо;

• өз пикирин жана позициясын билдирип, аны талкуулоо;

өз кызыкчылыктарын, каалоолорун башка адамдардын жана социалдык топтордун кызыкчылыктары менен байланыштыруу;

позициялардын ар түрдүүлүгүн таануунун негизинде өз көз карашын жактоо

* ар кандай көз караштарды коюу жана салыштыруу;
* окутуу маселелерин чечүү үчүн моделдерди жана схемаларды түзүү жана колдонуу;
* окуган (уккан) тексттин мазмунун кеңири, кыскача, тандап баяндоо;
* сезимдерин, ойлорун билдирүү үчүн баарлашуу милдетине ылайык сүйлөө каражаттарын колдонуу;
* жекече жана топто иштөө;

• ишмердүүлүккө анын натыйжалары боюнча баа берүү (өзүн-өзү баалоо, өз ара баалоо) жана рефлексия жүргүзүшөт (мугалимдин жетекчилиги астында жана өз алдынча);

башка адамдардын баалуулуктарына (маданий, диний, этникалык, гендердик, кесиптик, инсандык) урматтоо менен мамиле кылуу;

* МКТны адабий чыгармаларды изилдөө, өз ойлорун, көз караштарын берүү, көркөм адабиятты талдоо жана баалоо көндүмдөрүн өнүктүрөт.

Негизги жана предметтик компетенттүүлүктөрдүн байланышы предметтик компетенттүүлүктөрдүн билим берүүчүлүк натыйжаларда ишке ашырылышын көрсөткөн мисалдар менен 1-схемада көрсөтүлгөн.

**1-схема:** Негизги компетенттүүлүктөрдүн предметтик компетенттүүлүктөрдө көрсөтүлүшү.






Предметтик компетенттүүлүк бардык билим берүү баскычтары аркылуу өткөн негиз катары каралат жана предметти бүтүндөй көзөп өтөт. Ал «конкреттүү сүрөттөөгө жана конкреттүү окуу предметинин алкагында калыптандыруу мүмкүнчүлүгүнө ээ» (А.В. Хуторской). Биз предметтик компетенттүүлүк дегенде окуучулардын адабият предметинин тарамында түрдүү билимдерди, билгиликтерди жана көндүмдөрдү колдонуу жөндөмдүүлүгүн жана кийинки билим алуусунда да практика жүзүндө ушул билимдерин колдонуп кете алуусун түшүнөбүз. Окуучунун окуу ишмердүүлүгүнүн сапатын аныктоодо предметтик компетенттүүлүк алдыңкы катардагы жетекчи компетенттүүлүк болуп эсептелет. Предметтик компетенттүүлүк окуу жана практикалык ишмердүүлүктө ар дайым иш жүзүнө ашырылып турганда гана ийгиликтүү калыптандырылат. Педагог окуу тексттерине жана адабий тексттерине керектүү иш-аракеттери менен кайсы мазмунга максимум көңүл буруу керектигин баамдап түшүнгөндө гана окуучунун компетенттүүлүгү жогорку деңгээлде калыптанат.

**2.5. Мазмундук тилкелер (линия). Окуу материалдарынын мазмундук тилкелери (линия)жана класстар боюнча бөлүштүрүлүшү**

Бул предметтик стандартта мазмундук тилкелер (линия) адабий чыгарманын ар түрдүү аспектилери жөнүндө түшүнүк берет, анын структуралык өзгөчөлүктөрүн ачышат. Мазмундук тилкелер (линия) адабияттын мектеп курсунун негизги компоненттерин аныкташат.

- **Мазмундук тилке (линия)** 1. **Көркөм форма**

Адабий чыгармалардын жанрдык ар түрдүүлүгүн чагылдырат. Айрыкча көркөм чыгарманын бүтүндүгүн түшүнүүнү камсыз кылат. Ар кандай жанрдагы (эпикалык, драмалык, лирикалык) чыгармалардагы сюжеттин жана анын элементтеринин өзгөчөлүктөрүн ачып берет.

**- Мазмундук тилке (линия) 2. Адабий каарман**

Көркөм чыгармадагы образдар системасын, фольклордогу жана адабий чыгармадагы каармандын өзгөчөлүктөрүн ачып берет. Автордун жана окуучу окурмандардын адабий баатырды кабылдоосун карайт, гендердик теңчиликти, басмырлабоону, көп түрдүүлүктү эске алат, өз позициясын аргументтүү билдирүүгө, адеп-ахлактык баалуулуктарды жана мамилелерди түшүнүүгө, жеке позициясын айта алышына, нравалык түшүнүктөр жана жашоо баалуулуктар боюнча ой жүгүртө алышына маани берет.

**- Мазмундук тилке (линия) 3. Көркөм кеп**

Көркөм кепдүн негизги белгилерин аныктайт. Эпикалык, лирикалык жана драмалык чыгармалардагы көркөм каражаттардын өзгөчөлүгүн жана алардын образдарды / образдар системасын түзүүдөгү ролун ачып берет. Жазуучунун стилинин көркөм өзгөчөлүгүн түшүндүрөт.

Мазмундук тилкелер (линия) предметтин биримдигин камсыздашат, бул болсо предметтин бардык бөлүктөрү жана темалары аркылуу өтүүчү мазмунунун, негизги түшүнүктөрүнүн өзүнчө каркасы. 1-таблицада предметтин класстар боюнча негизги мазмунун ачып берген мазмундук нуктардын жана окуу материалдын варианты көрсөтүлгөн.

**- Мазмундук тилке (линия) 4. Автор (автордук, көркөм дүйнө)**

Чыгармалардын адеп-ахлактык жана социалдык темаларын ачып берет. Эпикалык, драмалык жана лирикалык чыгармаларда автордун позициясын билдирүүнүн ар кандай жолдорун (юмор, ирония, сатира ж.б.) карайт; мотивдерди өнүктүрүү, жазуучунун чыгармачылыгында. Көркөм чыгармада каарманды / каарманды, баяндоочуну жана авторду айырмалоо. Окуучулардын өз позициясын билдирүүгө өбөлгө түзөт.

**Окуу материалынын мазмундук  линиялары жана класстарга бөлүнүшү**

**1-таблица.**

| № | Мазмундук линиялар | Окуу  материалынын бөлүнүшү | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | **5-класс** | **6-класс** | **7-класс** | **8-класс** | **9-класс** | **10-класс** | **11-класс** |
| **1.** | **Көркөм форма (сюжет, композиция, жанрлар)** | Аңгеме, жомок, макал, ырлар жөнүндө баштапкы түшүнүк алуу. Чыгарманын жанрдык өзгөчөлүктөрү. Аңгемедеги, жомоктогу негизги окуялар, алардын арасындагы себептик-келип чыгуу байланыштары | Аңгеме, жомок, макал, ырлар жөнүндө түшүнүктөрдүн өнүгүшү. Эпикалык чыгармада негизги эпизоддор, алардын арасындагы себептик-келип чыгуу байланыштары Көркөм чыгарманын сюжети  жана анын тарыхый негизи | Ар түрдүү жанрдагы жана ар түрдүү адабияттагы чыгармалардын айырмаланган өзгөчөлүгү. Пейзаж, портрет, интерьер жана алардын аңгемедеги ролу. Аңгеменин, жомоктун, ырлардын түзүлүш өзгөчөлүктөрү | Повесть  жөнүндө баштапкы түшүнүк алуу Композициянын өзгөчөлүктөрү Көркөм чыгарманын сюжети жана анын тарыхый негизи Негизги жана негизги эмес сюжеттик линиялар (сызыктар); Драмалык чыгармадагы сюжеттин элементтери (башталышы, өнүгүүсү, кульминация, аякталышы) | Ар түрдүү жанрдагы чыгармалардын (эпикалык, драмалык, лирикалык) сюжети, сюжетинин элементтери Лирикалык чыгарманын анализи | Адабияттын тектери жана жанрлары. Чыгармадагы негизги сюжеттик линия. Негизги эпизоддор. Чыгармадагы көркөм форманын ролун аныктоо | Чыгармалардын негизги сюжеттик линиялары, негизги эпизоддор. Композициянын элементтерин караштыруу(пейзаж, портрет, интерьер) Адабий агымдардын, багыттардын жалпы мүнөздөмөсү. Поэзия жана проза |
| **2.** | **Адабий каарман** | Фольклор – адабият. Адабий каарман | Адабий каарман<br><br>Адабияттагы мүнөздү  ачып | Адабий каармандын образы, мүнөзү. | Адабий каармандын салыштырма мүнөзү | Көркөм чыгармадагы образдар системасы Адабий тип | Чыгарманын башкы каармандары. Реалисттик жана | Адабий каармандар жөнүндө идеяларды өнүктүрүү. |

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Каармандын мүнөзү, жүрүм-турум мотивдери Окуучу-окурман тарабынан адабий каармандын кабыл алынышы | берүү ыкмалары (портрет, пейзаж) Адабий каармандын окуучу-окурман тарабынан кабыл алынышы, каарман жөнүндө билдирүүлөрдү жана нравалык түшүнүктөрдү түзө алышы | Адабий каармандын прототиби Лирикалык каарман Адабий каармандын автор жана окуучу-окурман тарабынан кабыл алынышы, каарман жөнүндө жеке пикирин жана нравалык түшүнүктөрдү айта алышы | Адабий каармандын образын ачып берүү ыкмалары (өзүн өзү ачып берүү, өз ара ачып берүү, автордук баалоо) Лирикалык каарман Адабий каармандын автор жана окуучу-окурман тарабынан кабыл алынышы, каарман жөнүндө жеке пикирин жана нравалык түшүнүктөр боюнча ой жүгүртө алышы Жеке пикирин далилдей алуу | Адабий каармандын автор жана окуучу-окурман тарабынан кабыл алынышы, жеке позицисын айта алышы, нравалык түшүнүктөр жана жашоо баалуулуктар боюнча ой жүгүртө алышы Жеке позициясын аргуметтей алышы | романтикалык образдар. Лирикалык кааман, драмалык каарман Кыргыз жана орус адабиятындагы каармандарды салыштыруу Баалоо түшүнүгүн түзүү | Адабияттагы инсандын идеалы Адабий каармандын окурман үчүн идеалы Баалоо түшүнүгүн түзүү Каармандын улуттук кулк-мүнөзү |
| **3.** | **Көркөм кеп (сөз)** | Көркөм кепдүн негизги белгилери<br><br>Негизги троптор (эпитет, салыштыруу) | Публицистикалык жана көркөм текст, көркөм тексттеги сөздөрдүн көп маанилүүлүгү | Көркөм чыгармалардын негизги көркөм сүрөт каражаттары | Эпикалык, лирикалык жана драмалык чыгармалардын көркөм каражаттарынын өзгөчөлүгү | Образ же образдар системасын түзүүдө көркөм ыкмалардын орду; жазуучунун стилинин көркөм өзгөчөлүгү | Чыгармада Көркөм кепдүн көп маанилүүлүгү. Каймана сөздөр жана сөз айкаштары. Этномаданий лексика. Көркөм кептин экспрессивдүү-лүгүнүн каражаттары | Көркөм кепдүн жазуучулардын, акындардын чыгармаларында жана башка жанрларда (Кино, спектакль, чакан макала ж.б.). элестүү жана эмоционалдуу берилиши Чыгармадагы элементтердин |

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | | (эпитет, салыштыруу, метафора ж. б.) | улуттук-маданий ролун аныктоо |
| 4 | **Автор (же автордук дүйнө, көркөм дүйнө)** | Чыгарманын дүйнөсү - чындык; Автордун позициясы жөнүндө алгачкы түшүнүктөр Түз жана кыйыр автордук баалоо | Автордун каармандарга болгон мамилеси жөнүндө түшүнүктөрүн өстүрүү Автордун тике жана кыйыр түрдө баалоосу Адабияттагы шарттуулук | Чыгармалардын адеп-ахлактык жана социалдык темалары; Сюжеттин өнүгүшү, чыгарманын идеясы Ар түрдүү чыгармалардагы автордун позициясын билдирүүнүн түрдүү ыкмалары (юмор, ирония, «сүйлөөчү фамилиялар» ж.б.) | Жазуучунун чыгармачылыгын да темалардын, мотивдердин өнүгүшү Чыгарманын негизги проблемасы; Көркөм чыгарманын авторун жана каарманын айырмалоо | Эпикалык, драмалык жана лирикалык чыгармаларда автордук позициясын билдирүү ыкмалары Көркөм чыгарманын авторун, каарманын жана баяндоочусун айырмалоо | Автор, чыгармада автордун баасын билдирүүнүн эң мүнөздүү жолдору. Жазуучунун чыгармачылыгынын негизги темалары, көйгөйлөр, программалык чыгармаларды н идеялык мазмуну. "Түбөлүк" темалар. Чыгармаларды н жалпы маданий баалуулуктары жана этномаданий өзгөчөлүгү | Адабиятта маанилүү жазуучулардын аттары, алардын негизги чыгармалары. Жазуучунун чыгармачылыгын ын мүнөздүү белгилери жөнүндө жалпы түшүнүк (адабий агымга таандыктык, убакыт менен байланыш, негизги темалар, каармандар, чыгарманын мүнөздөмөсү) Ар түрдүү элдердин адабиятындагы карым-катнаштар, жалпы маданий баалуулуктар |

## 2.6. Предметтер аралык байланыштар, өтмө тематикалык линиялар

Предметтер аралык байланыштар "Кыргыз жана дүйнө адабияты" предметинин филологиялык билим берүү чөйрөсүнүн предметтери менен, ошондой эле "Искусство жана технология" билим берүү чөйрөсүнүн предметтери менен ("Музыка", "Көркөм өнөр", "Технология" предметтери менен) жана социалдык-гуманитардык чөйрөнүн предметтери менен ("Кыргызстандын тарыхы жана дүйнөлүк тарых", "Диндердин өнүгүү тарыхы", "Адам жана коом") тыгыз байланышта.

Адабият жана тил предметтеринин байланышы окуучулардын окуу жаатында функционалдык сабаттуулугун максаттуу түрдө калыптандырууга, сүйлөө компетенттүүлүгүн өркүндөтүүгө, окуу коомун түзүүгө, көркөм чыгармаларды сабаттуу чечмелөөгө, жакшылык, башка маданияттарды урматтоо, сүйүү, адилеттүүлүк, толеранттуулук ж. б. билүүгө жана өзүнүн, башка элдердин маданиятынын өзгөчөлүктөрүн, гендердик тенчиликтин, социалдык инклюзиянын жана басмырлоонун жашоонун принциптерин билүүгө өбөлгө түзөт..

Предмет аралык байланыштар тарых, коом таануу менен да көрүнөт. Тарыхый адабий-илимий түшүнүк катары көркөм адабияттын маанилүү касиеттеринин бирин — анын жандуу сүрөттөрдө, конкреттүү адам тагдырында жана каармандарында тигил же бул тарыхый доордун көрүнүшүн берүү жөндөмүн билдирет.

Аталган предметтер менен "кыргыз тили жана окуу", “орус тили жана окуу” предметтеринин предметтер аралык байланыштары окуучуларды тарбиялоого жана окутууга комплекстүү мамилени камсыз кылууга багытталган жана 3 типте көрүнөт: мазмундук, методикалык жана уюштуруучулук.

**- Мазмун түрү:** фактылар, түшүнүктөр, мыйзамдар, теориялар боюнча. Мазмун деңгээлиндеги интеграция окуучуларга айрым окуу предметтери боюнча билимди уюштурууга, толуктоого, бириктирүүгө мүмкүндүк берет, натыйжада окуучулар дүйнөнү комплекстүү кабыл алышат.

- **Операциялык түрү:** калыптануучу көндүмдөр, көндүмдөр жана ой жүгүртүү операциялары боюнча (талдоо жана синтездөө, салыштыруу, абстракциялоо, конкреттештирүү, жалпылоо, классификациялоо).

**- Методикалык түрү**: педагогикалык методдорду жана ыкмаларды колдонуу боюнча. Иштин түрү боюнча ар кандай тапшырмалар: оозеки, демонстрациялык, изилдөөчүлүк; жалпыланган окуу маалыматы бар комплекстүү визуалдык материалдар жана корутундуларды издөө, талдоо жана формулировкалоо боюнча аларга тапшырмалар; сабактар аралык мүнөздөгү практикалык жана долбоордук иштердеги чыгармачылык тапшырмалар; сабактар аралык мазмундагы байкоолордун, экскурсиялардын натыйжалары боюнча.

**- Уюштуруу түрү:** интерактивдүү түрдө (жекече, жуп, чакан жана жалпы топтордо), анын ичинде МКТны колдонуу менен окуу процессин уюштуруунун формалары жана ыкмалары боюнча.

Окуу предметтеринин ортосундагы өз ара байланыштын 4 түрүнөн улам, предметтердин биринде калыптанган билим жана көндүмдөр, окуучулар экинчисинде, ошондой эле турмуштук практикада аң-сезимдүү колдонушат. Предметтер аралык байланыштар кыргыз жана дүйнөлүк адабияттын “Искусство” билим берүүчүлүк тармагынын чектеш предметтери менен (“Музыка”, “Көркөм сүрөт”, “Ата мекендик жана дүйнөлүк көркөм маданият” предметтери менен) өз ара байланыштарын бөлүп көрсөтүүгө мүмкүнчүлүк берет. “Искусство жана технология” билим берүү чөйрөсүнүн предметтерин окутуу дүйнөгө эстетикалык мамиле менен көркөм-чыгармачылык элестетүүнү өнүктүрүүнү, искусствонун конкреттүү түрлөрүнүн тилине жана көндүмдөрүнө ээ болууну камтыган бирдиктүү негиздерде ишке ашат.

2-таблицада адабиятты өтмө тематикалык түзүмдөрдү бөлүп көрсөтүүнүн негизинде окутуу процессинде предмет аралык байланыштарды кантип ишке ашыруу мүмкүндүгү көрсөтүлгөн.

**Кыргыз жана дүйнө адабияты" предметинин предмет аралык байланыштары жана башка билим берүү чөйрөлөрү өтмө тематикалык линияларды ишке ашыруунун деңгээлдери**

**2-таблица**.

| **Билим берүү чөйрөлөрү** | **Байланыштар** |
|---|---|
| **Филологиялык** | - тилге өзгөчө руханий тарыхый мурас катары баалуулук мамилеси;<br>- сынчыл ой жүгүртүү көндүмдөрүн өнүктүрүү;<br>- оозеки жана жазуу жүзүндөгү билдирүүлөрдүн ар кандай жанрлары;<br>- Көркөм кеп каражаттары |
| **2. Искусство жана технология билим берүү чөйрөсү** | - искусство чыгармаларын көркөм-маанилик кабылдоо;<br>- ата мекендик маданияттын эстетикалык жана көркөм баалуулуктары жөнүндө билимдер;<br>- дүйнөнү эстетикалык өнүктүрүүнүн мыйзам ченемдүүлүктөрү;<br>- чыгарманы эстетикалык баалоонун критерийлери;<br>- эстетикалык тажрыйба тажрыйбасын калыптандыруу;<br>- элдик чыгармачылыкты жана этномаданий салттарды эмоционалдык жактан түшүнүү тажрыйбасы. |
| **2. Социалдык гуманитардык билим берүү чөйрөсү** | - тарыхый ата мекендик жана дүйнөлүк өткөн жана азыркы темалар;<br>- улуттук баатырлар / баатырлар жана тарыхтагы эң маанилүү окуялар жөнүндө түшүнүктөр;<br>- өтмө идеялар жана "түбөлүк" көйгөйлөр (тарых жана тынч күнүмдүк жашоо, согуш жана тынчтык, жашоо жана өлүм окуялары);<br>- универсалдуу категориялар жана баалуулуктар (жакшылык, башка маданияттарды урматтоо, сүйүү, адилеттүүлүк, толеранттуулук ж. б.);<br>- жалпы темалар (инсандык жана адеп-ахлак, милдет жана жоопкерчилик, үй-бүлө жана нике, кылмыштар, адам жана жаратылыш) |

## 3- БӨЛҮМ. БИЛИМ БЕРҮҮНҮН ЖЫЙЫНТЫКТАРЫ ЖАНА БААЛОО

### 3.1. Окуучуларды окутууда күтүлүүчү жыйынтыктар (баскычтар жана мазмундук линиялар боюнча

Бул бөлүктө окуучунун негизги жана предметтик компетенттүүлүктөрүнөн түзүлүүчү окутуунун күтүлүүчү натыйжалары көрсөтүлгөн. Күтүлүүчү натыйжалардын ар бирине ар бир окуучу жетишүүсү милдеттүү болуп саналат.

Күтүлүүчү натыйжалар номерленген. Ар бир сан маалыматтык жүктөмгө ээ. Мисалы, 5.1.1.1. күтүлүүчү натыйжа бул 5-класс үчүн (биринчи сан) экенин көрсөтөт. Экинчи сан бул натыйжа кайсы предметтик компетенттүүлүктү калыптандыра турганын билдирет Бул мисалда болсо ал – “окурмандык компетенттүүлүк”, үчүнчүсү – мазмундук линиянын номерин көрсөтөт. Акыркы сан күтүлүүчү натыйжанын катар номери. Бул мисалда 1 деген сан турат, демек, биринчи күтүлүүчү натыйжа.

Ар бир класстын күтүлүүчү натыйжалары мурунку натыйжаларга таяна турганын жана ошондой эле мурунку класстын натыйжаларын ушул класстагы окутууга кошо турганын эске алуу керек. Ошентип, педагог мурунку класстагы күтүлүүчү натыйжаларды эске гана албастан, мурунку күтүлүүчү натыйжаларды өнүктүрүүнү улантат.

**Окуучуларды окутууда күтүлүүчү жыйынтыктар (баскычтар жана мазмундук тилкелер(линия) боюнча**

**3-таблица**

**Компетенттүүлүк, мазмундук тилкелер жана баскычтар , класстар боюнча окутуунун жыйынтыгы**

| Мазмундук тилке | Окутуунун ортоңку баскычы | | | | | Окутуунун жогорку баскычы | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | **5 -класс** | **6- класс** | **7- класс** | **8- класс** | **9- класс** | **10 -класс** | **11- класс** |
| **Окурмандык компетенттүүлүк** | | | | | | | |
| **1. Көркөм форма(сюжет, компози-ция, жанрлар)** | **5.1.1.1.** Тексттеги сөздүн маанисин ар түрдүү ыкмалар менен түшүндүрөт | **6.1.1.1.** Тексттеги сөздүн маанисин ар түрдүү ыкмалар менен түшүндүрөт | **7.1.1.1.** Чыгарма жөнүндө түшүндүрүү үчүн активдүү сөздүк корду жана кептик үлгүлөрдү колдонот | **8.1.1.1.** Чыгарма жөнүндө түшүндүрүү жана ой жүгүртүү үчүн активдүү сөздүк корду жана кептик үлгүлөрдү колдонот | **9.1.1.1.** Тексттин негизги мазмунун түшүндүрүү жана ой жүгүртүү үчүн активдүү сөздүк корду жана нравалык жактан баа берүүчү лексикалык кептик үлгүлөрдү колдонот | **10.1.1.1.** Чыгарманы талкуулоо менен стилистикалык сөз байлыгын нравалык-философиялык, этномаданий лексикасын толуктайт, активдүү сөз байлыгына ээ болот | **11.1.1.1.** Чыгарманы талкуулоо менен стилистикалык сөз байлыгын нравалык-философиялык, этномаданий лексикасын толуктайт, активдүү сөз байлыгына ээ болот |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | **5.1.1.2.** Окуган же уккан тексттин мазмуну боюнча суроолорго жооп берет | **6.1.1.2.** Окуган же уккан тексттин мазмуну боюнча суроолорго жооп берет | **7.1.1.2.** Окуган же уккан текст боюнча суроолорго жооп берет жана суроолорду түзөт | **8.1.1.2.** Окуган же уккан текст боюнча суроолорго жооп берет жана суроолорду түзөт | **9.1.1.2.** Текст боюнча суроолорду талкуулайт же конкреттүү турмуштук ситуациялар менен салыштырып айтып берет | **10.1.1.2.** Көйгөйлүү суроолор боюнча кеңири жоопторду берет | **11.1.1.2.** Көйгөйлүү суроолор боюнча кеңири жоопторду берет |
| | **5.1.1.3.** Тексттин планын түзөт, тексттен үзүндү же текстке жакын аңгеме айтып берет | **6.1.1.3.** Кыскача(схема боюнча) текстти айтып берет, мугалимдин жардамы менен текстке жөнөкой план түзөт, | **7.1.1.3.** Текстке жөнөкой план түзөт, кеңири жоопторду берет,тексттин тандалмалуу жерлерине баа берүү менен айтып берет | **8.1.1.3.** Текстке ар түрдүү (жөнөкөй, татаал цитаталуу) план түзөт, тандалып алынган жерин (үзүндү) баа берүү менен айтып берет | **9.1.1.3.** Текстке ар түрдүү (жөнөкөй,татаал) план түзөт, тексттин тандалып алынган жерине (үзүндү)ой жүгүртүү менен кыскача айтып берет | **10.1.1.3.** Айтып берүүнүн ар кандай түрүн колдонот | **11.1.1.3.** Пландын ар кандай түрлөрүн түзүү, айтып берүү көндүмдөүнө ээ болот |
| | **5.1.1.4**. Чыгармадагы негизги эпизодго, аңгемеге боюнча суроолорго талдоо жүргүзөт | **6.1.1.4.** Ырдагы негизги эпизодго схема боюнча (тема,каарман, окуянын жүрүшү, негизги ой)талдоо жүргүзөт, | **7.1.1.4.** Ырдагы негизги эпизодго анализ жүргүзөт,текст-теги айрым элементтерге комментарий берет | **8.1.1.4.** Тексттеги 2-3 негизги эпизодго анализ жасайт, тандаган ырга схема боюнча композициянын элементтерине комментарий берет,анализ жүргүзөт | **9.1.1.4.** Ырды анализдейт,текст-теги негизги эпизоддорду кептик үлгүлөр менен көркөмдөштүрүп айтып берет | **10.1.1.4.** Тексттеги,драмадагы,ырдагы негизги эпизоддорду кептик үлгүлөрдү колдонуу менен өзгөчөлүктөрүнө комментарий берет | **11.1.1.4.** Анализдөөнүн моделин колдонуу менен тексттеги,драмадагы,ырдагы негизги эпизоддорду жанрдык спецификасы боюнча негизги өзгөчөлүктөрүнө комментарий берет |
| **2. Адабий каарман** | **5.1.2.5.** Кептик үлгүлөргө таянуу менен чыгармадагы каарман тууралуу айтып берет | **6.1.2.5.** Персонаждардын жүрүм-турумун жана иш-аракеттерин негизги каарман менен салыштырат | **7.1.2.5.** Адабий каармандарга кыскача инди-видуалдуу жана салыштырмалуу мүнөздөмө берет | **8.1.2.5.** Адабий каармандарга кыскача инди-видуалдуу жана салыштырмалуу мүнөздөмө берет | **9.1.2.5.** Адабий каарманга аңгеме-талкуу жасайт(индивиду-алдуу, салыштырмалуу, группалык мунөздөмө | **10.1.2.5.** Жанрдык озгөчөлүктөрүн учетко алуу менен адабий каармандын образын анализдейт | **11.1.2.5.** Адабий каармандын образын этно маданий өзгөчөлүктөрүнө комментарий берүү менен ачып берет |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **3.Көркөм кеп** | **5.1.3.6.** Тексттен эпитет жана салыштыруулар-ды табат | **6.1.3.6.** Тексттеги метафоралардын ролун элестетүү менен түшүндүрөт | **7.1.3.6.** Тексттеги көркөм өнөр каражаттарынын ролун түшүндүрүп берет | **8.1.3.6.** Тексттеги көркөм өнөр каражаттарынын ролун түшүндүрүп берет | **9.1.3.6.** Тексттеги көркөм өнөр каражаттарынын ролун түшүндүрүп берет | **10.1.3.6**. Чыгармадагы көркөм сөздүн өзгөчөлүктөрүн ачып берет, негизги образдарды, символдорду бөлүп көрсөтөт, | **11.1.3.6**. Көркөм кеп каражаттарынын өзгөчөлүктөрүн ачып берет,негизги образдарды,символдорду бөлүп көрсөтөт,метафоралардын көркөмдүүлүгүн белгилейт |
| **4. Автордук дүйно** | **5.1.4.7.** Жомоктун,аңгеменин,ырдын темасын, негизги маанисин аныктайт | **6.1.4.7.** Чыгарманын темасын,негизги маанисин аныктайт | **7.1.4.7.** Чыгарманын темасын,негизги маанисин аныктайт | **8.1.4.7.** Ар кайсы авторлордун чыгармаларын темасы боюнча окшоштугун салыштырат | **9.1.4.7.** Чыгарманын темасын,идеясын ачат,кыргыз адабияты менен байланышын белгилейт | **10.1.4.7.** Окуган адабий чыгармалардын негизги темаларын,образдарын салыштырат,аныктайт | **11.1.4.7.** Окуган адабий көркөм чыгармаларды (үзүндүлөрү) темасы,кааман-дары,көркөмдүк өзгөчөлүктөрү боюнча салыштыра алат |
| | | | **2. Эмоционалдык баалуулук компетенттүүлүгү** | | | | |
| **1. . Көркөм форма (сюжет, компози-ция, жанрлар)** | **5.2.1.8.** Жаккан чыгармаларды,авторлорду,жанрларды аныктай алат | **6.2.1.8.** Окуган чыгармага өзүнүн эмоционалдуу баасын билдирип,түшүндүрөт | **7.2.1.8.** Окуган чыгармалардын тийгизген таасирин айтып берет | **8.2.1.8.** Өзүнө жаккан чыгармаларды ачык көрсөтүп,тандагандыгынын себебин түшүндүрөт | **9.2.1.8.** Класста же өз алдынча окуган чыгармаларды,авторлорду өзүнө жаккандарын тандап, тандагандыгын аргументтештирет | **10.2.1.8.** Өз алдынча окуй турган чыгармаларды аныктайт | **11. 2.1.8.** Өз алдынча окуй турган чыгармаларды аныктайт |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **2. Адабий каарман** | **5.2.1.9** Кептик үлгүлөргө таянуу менен каармандар, алардын иш-аракеттери тууралуу ойлорун билдирет | **6.2.2.9.** Каармандар тууралуу ойлорун билдирет | **7.2.2.9.** Сүйүктүү каармандары тууралуу айтат,тийгизген таасирин бөлүшөт | **8.2.2.9.** Классташтарына каармандардын тийгизген таасирин айтып, класста чогуу талкуулашат | **9.2.2.9.** Жүрөгүнө жакын каарманды тандап,тандаган себебин аргументтештирет | **10.2.2.9**. Каармандын ички жан дүйнөсүнө кызыгуусу артат,анын нравалык-этикалык баалуулуктарын аныктайт | **11. 2.2.9.** Каармандын ички жан дүйнөсүнө кызыгуусу артат,анын нравалык-этикалык баалуулуктарын аныктайт,этномада ний өзгөчөлүктөрүн аныктайт |
| **3.Көркөм кеп** | **5.2.3.1.** Ырды жана чыгармадан үзүндүлөрдү жатка көркөм окуйт | **6.2.3.10.** Ырды жана чыгармадан үзүндүлөрдү жатка көркөм окуйт | **7.2.3.10.** Ырды жана чыгармадан үзүндүлөрдү көркөм окуйт (баяндап берет) | **8.2.3.10.** Өзү кызыккан ырларды, чыгармалардагы эпизоддорду,сце наларды көркөм окуйт | **9.2.3.10.** Окуй турган түрдүү жанрдагы чыгармаларды көркөм окуйт | **10.2.3.10.** Ырларды, каармандын монологун, чыгармадан үзүндүлөрдү көркөм окуйт | **11.2.3.10.** Түрдүү жанрдагы чыгармаларды көркөм окуу көндүмдөрүнө ээ болот |
| **4. Автордук дүйнө** | **5.2.4.11.** Автордун каарманга болгон мамилесин аныктайт | **6.2.4.11.** Тексттен автордун берген тике баасын табат | **7.2.4.11.** Тексттен автордун берген тике жана кыйыр баасын табат жана өзүнүн каарманга, окуяга ммамилесин билдирет | **8.2.4.11.** Чыгарманын баалуулугун аныктайт жана жыйынтык чыгарат | **9.2.4.11.** Автордун нравалык позициясын аныктайт жана озүнүн жеке мамилесин салыштырат | **10. 2.2.11**. Автордун нравалык позициясын аныктайт жана өзүнө тийгизген баалуу жагын түшүндүрөт | **11.2.4.11.** Автордун нравалык позициясын аныктайт жана өзүнө тийгизген баалуу жагын түшүндүрөт |
| | **5.2.4.12.** Көркөм тексти иллюстрациялар, мультипликациял ык фильмдер ж.б. менен салыштырат, өзүнүн ойлорун айтат | **6.2.4.12.** Иллюстрациялар ды,сүрөттөрдү,м узыкалык чыгармаларды, көркөм тексттерди салыштырат, өзүнүн ойлорун айтат | **7.2.4.12.** Көркөм текстти иллюстрациялар музыка,сүрөттөр менен салыштырат,көз карашын билдирет | **8.2.4.12.** Көркөм текстти иллюстрациялар музыка,сүрөттөр менен салыштырат,баа лайт,жыйынтык чыгарат | **9.2.4.12.** Көркөм текстти искусствонун башка чыгармалары менен салыштырат,өз-гөчөлүктөрүн ачып көрсөтөт | **10.2.4.12.** Көркөм текстти искусствонун башка чыгармалары менен салыштырат, көркөмдүк бөтөнчөлүгүн ачып берет | **11.2.4.12.** Көркөм текстти искусствонун башка чыгармалары менен салыштырат, көркөмдүк бөтөнчөлүгүн ачып берет |
| **3. Адабий чыгармачылык компетенттүүлүк** | | | | | | | |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **1.Көркөм форма (сюжет, компози-ция, жанрлар)** | **5.3.1.13.** Жомок,аңгеме, ырларды түзөт, жаратат | **6.3.1.13.** Жомок,аңгеме, ырларды түзөт,жаратат | **7.3.1.13.** Сүрөт,уккан адабий чыгарма боюнча дил баян жазат | **8.3.1.13**. Аңгеме,эссе-ой толгоо, ыр жазат | **9.3.1.13.** Эссе-ой жүгүртүү жазат | **10.3.1.13.** Адабий тема боюнча чыгармачыл иш жазат | **11.3.1.13.** Адабий тема боюнча чыгармачыл иш жазат |
| **2. Адабий каарман** | **5.3.2.14.** Сүрөттөрдүн,пластилиндин,аппликациялардын жардамы менен каарманды чагылдырып,тийгизген таасирин билдире алат | **6.3.2.14.** Чыгармачыл формада каармандын мүнозүн ачып берет | **7.3.2.14.** Каарман жөнүндө чыгармачыл презентация даярдайт | 8.3.2.14. Сүйүктүү каарманы жөнүндө кабарлайт герое (жекече жана группада) | **9.3.2. 14.** Каарман жөнүндө чыгармачыл презентация даярдайт (жекече жана группада) | **10.3.2.14.** Чыгармачыл формада каарман жөнүндө презентация даярдайт | **11.3.2.14.** Адабий каармандын образы боюнча(жекече,группада)мини-проект иштеп чыгууга жетишет |
| **3. Көркөм кеп** | **5.3.3.15.** Ролдорго бөлүштүрүп окуйт,аңгеменин инсценировкасына катышат | **6.3.3.15.** Ролдор боюнча окуйт, чыгармадагы эпизоддордун инсценировасына катышат | **7.3.3.15.** Тамсил,аңгемелердеги эпизоддордун инсценировасына катышат | **8.3.3.15.** Тамсил,аңгемелердеги эпизоддордун инсценировасына катышат | 9.3.3.15. Драмалык чыгармалардын эпизоддорундагы инсценировкага катышат | **10.3.3.15.** Драмалык чыгармалардын эпизоддорундагы инсценировкага катышат | **11.3.3.15.** Драмалык чыгармалардын эпизоддорундагы инсценировкага катышат |
| **4. Автордук дүйнө** | **5.3.4.16** Автор жана анын чыгармасы тууралуу чыгармачыл иштерди даярдайт | **6.3.4. 16**. Автор жана анын чыгармасы тууралуу чыгармачыл иштерди даярдайт | **7.3.4.16.** Жазуучу жана чыгарма боюнча билдирүү даярдайт | **8.3.4.16.** Жазуучунун чыгармасы,анын темасы, каармандары боюнча презентация даярдайт | **9.3.4.16.** Жазуучунун чыгармачылыгы боюнча презентация жасайт | **10.3.4.16.** Адабий тема боюнча мини-проект даярдайт (сүйүктүү автор,чыгарма, адабий каарман) | **11.3.4.16.** Адабий тема боюнча мини-проект даярдайт (сүйүктүү автор,чыгарма, адабий каарман) |

**Мазмундук тилке, окутуунуи жыйынтыгы жана класстар боюнча сунушталуучу көрсөткүчтөр**

**4-таблица**

| **Компетенттүүлүк** | **Мазмундук тилке** | **5-класс** | |
|---|---|---|---|
| | | **Күтүлүүчү жыйынтык** | **Сунушталуучу көрсөткүчтөр** |
| | **1. Көркөм форма (сюжет, жанрлар)** | **5.1.1.1.** Ар түрдүү ыкмалар менен тексттеги создөрдүн маанисин түшүндүрөт | 1. Тексттеги түшүнүксүз оор сөздөрдү бөлүп көрсөтөт<br>2. Создүн мааниси жөнүндө суроолорду берет<br>3. Создүн маанисин аныктоодо сөздүктөрдү пайдаланат<br>4. Тексттеги сүйлөмдөрдөн жаңы сөздөрдү табат,окуйт<br>5. Сөздөр аркылуу сүйлөмдөрдү түзөт |

| | | | |
|---|---|---|---|
| **1. Окурмандык** | | **5.1.1.2.**<br>Уккан жана окуган чыгармалардын мазмуну боюнча суроолорго жооп берет | 1. Суроонун маанисин түшүнөт<br>2. Тексттин мазмунунан жоопторду табууга ориентир алат<br>3. Суроолорго жооп берүү үчүн текстти пайдаланат<br>4. Суроолорго түз жана жабык жоопторду камтыган саптарды бөлүп көрсөтөт<br>5. Кептик үлгүлөрдүн негизинде суроолорго жоопторду берет<br>6. Берилген суроолор боюнча жыйынтык чыгарат |
| | | **5.1.1.3.**<br>План боюнча түзүлгөн үзүндү же текстке жакын аңгеме айтып берет | **1**. Түрдүү жанрдагы чыгармалардагы окуянын ырааттуулугун аныктайт (окуя кантип башталды,андан ары эмне болот?)<br>2. Тексттин негизги маңыздуу бөлүктөрүн бөлүп көрсөтүп,мугалимдин жана окуучулардын жардамы менен ат коет.<br>3.Тексттин планын түзөт<br>4. Өнүктүрүү үчүн сунушталган пландын пункттарын кайра түзөт<br>5. Текстке жакындаштырып сүйлөп берет (лексикалык сөз байлыгын колдонуп) |
| | | **5.1.1.4**.<br>Жомок,аңгеменин негизги эпизоддоруна талдоо жүргүзөт | 1.Тексттеги эң маанилүү бөлүктү бөлүп көрсөтүп, аны тандагандыгын түшүндүрөт<br>2.Эпизоддун темасын,башкы каармандарын,окуясын аныктайт<br>3.Эпизоддогу суроолорого жооп берет |
| | **2. Адабий каарман** | **5.1.2.5.**<br>Кептик үлгүлөргө таянуу менен каарман тууралуу айтып берет | 1. Класста жана өз алдынча окуган чыгарманын каармандарын атайт<br>2. Тексттен башкы каарманды мүнөздөгөн сөздөрдү чогултат<br>3.Кептик үлгүлөрдүн жардамы менен башкы каарманды мүнөздөп, сүйлөмдөрдү түзөт<br>4. Башкы каармандын жүрум-туруму ачып берилген эпизоддорду айтып берет |
| | **3. Көркөм кеп** | **5.1.3.6.**<br>Тексттен эпитет жана салыштырууларды,образдуулукту табат | 1.Тексттеги эпитеттердин, салыштыруулардын, образдуу сөздөрдүн маанисин түшүндүрөт<br>3. Табышмактарды,макалдарды билет,алардын маанисин түшүндүрөт<br>4. Кептеги образдуу сөз каражаттарын,эпитеттерди,салыштырууларды колдонот<br>**5.**Акылдуулардын жана тил билгичтердин конкурсуна катышат |
| | **4. Автордук дүйнө** | **5.1.4.7.**<br>Жомок,аңгеме,ырдагы негизги ойду жана теманы аныктайт | 1. Автор жана чыгармасынын байланыштырат<br>2. Окуган чыгарманын негизги темасын атайт<br>3. Кептик үлгүлөрдүн негизинде тексттеги негизги ой тууралуу сүйлөмдөрдү түзөт,айтат |
| **2. Эмоционалдуу баалуулук** | **1. Көркөм форма (сюжет, жанрлар)** | **5.2.1.8.**<br>Жаккан чыгармалары, авторлору, жанрлары боюнча чөйрөнү аныктайт | **1.** Класста,өз алдынча окуган чыгармалардын ичинен өзүнө жакканын атайт<br>**2.** Кептик үлгүлөрдүн жардамы менен сүйүктүү чыгармасына баа берет<br>**3.** Тандоо себебин түшүндүрөт<br>4. Чыгармага таасирленгендигин классташтары менен бөлүшөт<br>5. Өз позициясын билдирет |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | **2. Адабий каарман** | **5.2.2.9.**<br>Башкы каарман жөнүндө өзүнүн мамилесин билдирет | **1.** Башкы каармандын оң жана терс жактарын айтып берет, өзүнүн мамилесин негиздейт<br>2. Кептик үлгүлөргө таянуу менени башкы каармандын иш-аракеттерин баалайт<br>3.Кептик үлгүлөрдүн негизинде ар кайсы авторлордун чыгармаларындагы каармандардын иш-аракеттерин салыштырат,баалайт<br>4. Башкы каармандын иш-аракеттерин турмуштук ситуациялар менен салыштырат |
| | **3. Көркөм кеп** | **5.2.3.10.**<br>Ырларды жана аңгемеден үзүндүлөрдү көркөм окуйт | **1.**Ырдагы,жомоктогу,аңгемедеги үзүндү кандай маанайды тартуулагандыгын түшүндүрөт<br>**2.**Чыгармадагы логикалык басым,паузанын коюлушун талкуулайт,окуп жатканда аларга маани берип,окуйт<br>**3.**Окуп жатканда өзүнүн сезимдерин билгизет<br>**4.**Темага,каармандарга,сөз каражаттарына мамилесин билдирет<br>**5.** Классташтарынын критерийлер боюнча көркөм окуусун баалайт |
| | **4. Автордук дүйнө** | **5.2.4.11.** Автордун башкы каарманга карата мамилесин аныктайт | **1.** Тексттен автордун каарманга,темага тике берилген мамилесин билдирген создөрдү табат<br>**2.** Башкы каарман менен өзүнүн мамилелерин салыштырат |
| | | **5.2.4.12.**<br>Көркөм текстти иллюстрациялар,мультипликациялык фильмдер ж.б.менен салыштырат | **1.** Сүрөттөрдөн,иллюстрациялардан ж.башкадан тексттин үзүндүлөрүн табат<br>**2**. Көргөн мультфильдеринен кандай таасир алгандыгын айтат<br>**3.** Сүрөттөр,мультфильмдер ж.б. боюнча өзүнүн ойлорун айтат<br>4. Чыгармага карата сүрөт планын түзөт<br>**5**. Текстке жакын сүрөт,картинкаларды,пейзаждарды тандайт<br>**6**.Көркөм текст менен иллюстрация, мультфильм ж.башканын өзгөчөлүктөрүн, окшоштуктарын аныктайт |
| **3.Адабий чыгармачылык** | **1. Көркөм форма (сюжет, жанрлар)** | **5.3.1.13.**<br>Аңгеме,жомок,ыр (схема боюнча) түзөт | 1. Жаккан жанрдагы чыгарманы талдайт<br>2. Теманы аныктайт (ыр,аңгеме,жомок)<br>3. Чыгарманын түзулүш схемасын комментарийлейт<br>4. Чыгарманын планын түзөт<br>5. Чыгармачыл иштин жумушчу вариантын жазат<br>6. чыгармачыл ишти окуп берет,классташтарынын ойлорун угат<br>7. Мектептин дубал гезитине,класстык бурчка,балдар үчүн чыккан гезит-журналдарга чыгармачыл ишти жарыялайт, на классном чате<br>8. Төрт сап ыр түзөт<br>9. Тандаган тема боюнча синквейн жазат |
| | **2. Адабий каарман** | **5.3.2.14.**<br>Сүрөттөрдүн , аппликациялардын ж.б.жардамы менен башкы каарман жөнүндө кандай таасир алгандыгын билдирет | 1.Башкы каарманды алып чыгуу үчүн чыгармачыл иштин бир формасын тандайт жана озүнүн тандаган себебин айтат<br>2.Кызыккан каарманы боюнча чыгармачыл иш жазат<br>3.Адабий каармандар боюнча өткөрүлгөн демонстрацияга катышат<br>4.Классташтарынын чыгармачыл иштерине оз ойлорун айтат |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | **3. Көркөм кеп** | **5.3.3.15.**<br>Ролдорго бөлүштүрүп окуйт,аңгемедеги инсценировкага катышат | 1. Даяр схема боюнча чыгармадагы логикалык басымды,паузаны талкуулайт<br>2. Инсценировканы даярдоого катышат:роль бөлүштүрөт, костюмдарды, декорациянын элементтерин тандайт<br>3.Көркөм окуу конкурсуна,инсценировкага,адабий иш-чараларга катышат<br>3.Классташтарынын оюндарына (чыгарманы аткарганы боюнча) өзүнүн мамилесин айтат |
| | **4. Автордук дүйно** | **5.3.4.16.**<br>Автор жана анын чыгармасы боюнча чыгармачыл иш даярдайт | 1.Окуган чыгармалары боюнча викторинага,адабий оюндарга катышат<br>2.Мугалимдин жардамы менен окуган чыгармалары боюнча оюндарды уюштурат<br>3.Автор боюнча китепче түзөт (жекече,команда менен биргеликте) |

**6-класс**

**Адабий чыгармаларды түшүнүү каражаттары: теориялык түшүнүктөрдүн минималдуу тизмеси** Миф, байыркы жомок, баатырлар жөнүндө ыр менен айтылган жомок, легенда, баллада, эпос, жомокчулар, акындар. Метафора. Автордун позициясы, идея, композиция, речь персонаждын сөзү, мүнөздөмө. Юмор, сатира, аллегория (каймана сөз).

**5-таблица**

| Компетенттүүлүк | Мазмундук тилке | 6 -класс | |
|---|---|---|---|
| | | **Күтүлүүчү жыйынтык** | **Сунушталуучу көрсөткүчтөр** |
| **1.Окурмандык** | **1. Көркөм форма (сюжет, жанрлар)** | **6.1.1.1.** Ар түрдүү ыкмалар менен тексттеги сөздөрдүн маанисин түшүндүрөт | 1.Тексттен айтылышы жана мааниси түшүнүүгө кыйын сөздөрдү табат<br>2.Жаңы сөздөрдүн мааниси боюнча суроолорду берет<br>3.Электрондук жана сөздүк китептерден түшүнүүгө кыйын сөздөрдүн маанисин аныктайт<br>4. Сөздөрдүн туура айтылышын билет<br>5. Ал сөздөрдү катыштырып жөнөкөй сүйлөмдөрдү тузөт<br>6. Создүк дептер уюштурат<br>7.Мугалимдин жардамы менен лингвистикалык оюндарга катышат |
| | | **6.1.1.2.**<br>Уккан жана окуган чыгармалардын мазмуну боюнча суроолорго жооп берет | 1. Суроонун маанисин түшүнөт<br>2.Тексттин мазмунунан суроолорго жооп издейт<br>3.Суроолорго жооп берүү үчүн текстти пайдаланат<br>4.Суроолорго ачык жана жабык жооп берген саптарды бөлүп көрсөтөт<br>5.Кептик үлгүлөрдүн негизинде суроолорго жоопторду түзөт<br>6.Берилген тапшырмалар боюнча жыйынтык жасайт |
| | | **6.1.1.3.**<br>Мугалимдин жардамы менен текстке жөнөкөй план түзөт жана тексти маанисин жакындатып айтат | 1.Чыгармадагы окуялардын жүрүшүн(ырааттуулугун) аныктайт<br>2. Мугалимдин жана классташтарынын жардамы менен тексттеги маанилүү жерлерин бөлүп көрсөтөт жана ат коет<br>3. Окуучулар менен биргеликте пландын даяр вариантын талкуулайт<br>4. Сунуш кылынган пландын пункттарын толуктайт<br>5.Тексттеги эң маанилүү үзүндүнү бөлүп көрсөтөт жана аны айтып берет |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | | 6. Негизги окуяларды белгилейт жана андагы өзгөчө сөз айкаштарын айтып берет |
| | | **6.1.1.4.**<br>Ырга,негизги эпизодго схема боюнча толдоо жасайт | 1. Тексттеги эң маанилүү үзүндүнү бөлүп көрсөтөт жана эмне үчүн маанилүү экендигин түшүндүрөт<br>2. Эпизоддун темасын,каарманды,окуянын жүрүшүн аныктайт<br>3. Башка эпизоддор менен байланышын белгилейт<br>4. Эпизод боюнча ачык суроолорду берет (тема, каарман, окуянын жүрушү.негизги ой) |
| | **2.Адабий каарман** | **6.1.2.5.** Каармандардын жүрүм-турумун,иш-аракеттерин түшүндүрөт, темасы жакын окшош чыгармалардагы каармандар менен салыштырат | 1.Класста жана өз алдынча окуган чыгармадагы каармандарды атайт<br>2.Тексттен башкы каарманды мүнөздөгөн сөздөрдү иргейт.<br>3.Башкы каармандын жүрүм-турумун жана иш-аракеттерин ачып берген эпизоддорду айтып берет<br>4.Турмуштагы адамдардын жүрүм-турумунан мисал келтирет<br>5.Ар кайсы автордун чыгармаларындагы башкы каармандардын окшош жактарын,өзгөчөлүктөрүн ачып берет |
| | **3. Көркөм кеп** | **6.1.3.6.**<br>Тексттеги метафоралардын,гипербола ж.б.ролун түшүндүрөт | 1. Тексттеги эпитет,салыштыруу,метафораларды бөлүп көрсөтөт<br>2. Көркөм кеп каражаттардын түрүн айрымалайт<br>3. Тексттеги эпитет,салыштыруу,метафораларга мисал келтирет,кептик үлгүлөрдүн жардамы менен алардын тексттеги ролун түшүндүрөт<br>4. Көркөм кеп каражаттарын колдонуп,сүйлөмдөрдү түзөт |
| | **4. Автордук дүйнө** | **6.1.4.7.**<br>Чыгарманын темасын,андагы негизги ойду аныктайт | **1.** Окуган чыгармалардын негизги темасын атайт, өзүнүн аныктоосун түшүндүрөт<br>**2.** Чыгармадагы  башкы ойду аныктайт<br>**3.** Кептик үлгүлөрдүн негизинде тема,андагы негизги ой тууралуу сүйлөм түзөт |
| **2.Эмоционалдык баалуулук** | **1. Көркөм форма (сюжет, жанр)** | **6.2.1.8**.Окуган чыгарма боюнча эмоционалдык баасын билдирет жана түшүндүрөт | 1.Эмоционалдык-баалуулук сөздөрдү атайт жана чыгармага баа берүүдө колдонот<br>2.Чыгармадан кызыгуу жараткан жана кайгылуу деген окуяларды бөлүп көрсөтөт,эмне үчүн аларды белгилеп кеткендигин түшүндүрөт<br>3.Окуп үйрөнгөн жанры боюнча таасирленгенин  айтат<br>4.Окуган чыгармасынан алган таасирлерин классташтары менен бөлүшөт |
| | **2. Адабий каармандар** | **6.2.2.9.**<br>Башкы каарман тууралуу оюн айтат | 1. Окуган чыгармасындагы сүйүктүү каарманын атайт,эмне үчүн экендигин түшүндүрөт<br>2.Тексттен каарман тууралуу эмоционалдуу-баалуулук сөздөрдү бөлүп көрсөтөт<br>3. Кептик үлгүлөргө таянуу менен башкы каарманга карата мамилесин айтат |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | | 4. Ар башка авторлордун бирдей чыгармаларындагы башкы каармандарды салыштырат<br>5. Башкы каарманды эмоционалдык-баалуулук жана кептик үлгү создөрдү колдонуу менен айтып берет |
| | **3. Көркөм кеп** | **6.2.3.10.**<br>Ырды жана аңгемеден үзүндүнү көркөм окуйт | 1. Ырлар,аңгеме-жомоктогу үзүндүлөр кандай маанайда жаралгандыгын түшүндүрөт<br>2.Даяр схема боюнча чыгармалардагы коюлган логикалык басым,паузанын коюлушун талкуулайт,окуп жатканда аларга маани берип окуйт<br>3.Окуп жатканда сезимдерин билдирет(сезим менен окуйт)<br>4. Чыгарманын темасына,образдарга өзүнүн мамилесин билдирет<br>5.Классташтарынын көркөм окуусуна критерийлер боюнча баа берет<br>6. Адабий иш-чараларга,көркөм окуу конкурстарга катышат |
| | **4. Автордук дүйнө** | **6.2.4.11.**<br>Тексттен автордун түздөн-түз берген баасын табат | 1. Тике берилген автордун баасын атайт(лексикалык жактан баалоо,ысымдардын мааниси,кичирейтип эркелеткен сөздөр)<br>2. Тексттен автордун тике берген баасын мисал келтирет<br>3. Башкы каармандын жүрүм-туруму тууралуу өз оюн айтат жана автордун берген баасы менен салыштырат |
| | | **6.2.4.12.**<br>Иллюстрацияларды,сүрөттөөрдү, музыкалык чыгармаларды.көркөм тексттерди салыштырат | 1. Тексттен сүрөт тартууга,иллюстрацияга ылайыктуу саптарды табат<br>2. Көргөн кино-мультфильмдердин таасири жөнүндө айтып берет<br>3. Мультфильм,обондуу ырлар,сүрөттөр жб тууралуу ойлорун айтат<br>4. Чыгармага сүрөт планын түзөт<br>4. Өз алдынча текстке мазмуну жакын сүрөттөрдү тандайт<br>5. Көркөм текст менен иллюстрация,сүрөт,мультфильм жб.айрымасын жана окшоштугун аныктайт |
| **3.Адабий-чыгармачылык** | **1.Көркөм форма (сюжет, композиция, жанр)** | **6.3.1.13.**<br>Ыр,жомок,аңгеме түзөт | 1. Чыгарманын жаккан жанрын тандайт<br>2. Темасын аныктайт(жомок,аңгеме,ыр)<br>3. Чыгарманын түзүлүш схемасын комментарийлейт<br>4. Чыгарманын планын түзөт<br>5. Ар бир жанрга мүнөздүү көркөм каражаттарды сөз берметтерин (метафора,гипербола, литота ж.б) тандайт<br>6. Чыгармачыл иштерди окуйт, классташтарынын берген комментарийлерин угат |
| | **2. Адабий каармандар** | **6.3.1.14.**<br>Чыгармачыл формада башкы каармандын мүнөзүн ачат | 1. Таасир берген башкы каарман жөнүндө чагылдаруу үчүн чыгармачыл иштин бир түрүн тандайт(сүрөт тартат,аппликация,плпстилин ж.б.)эмне үчүн тандагандыгын түшүндүрөт<br>2.Кызыккан каарманы боюнча чыгармачыл иш жаратат<br>3.Адабий каармандардын демонстрациясына катышат<br>4. Классташтарынын чыгармачыл иштери тууралуу өзүнүн ой-пикирин айтат<br>5. Түрдүү формада кол өнөрчүлүк иш жаратат |
| | **3. Көркөм кеп** | **6.3.3.15.** | 1.Ролдорго бөлүштүрүп окууда жана инсценировка коюуда өзүнө роль тандайт |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | Ролдорго бөлүп окуйт, чыгармадагы инсценировка коюлган эпизоддорго катышат | 2.Каармандын мүнөзүн ачуу үчүн кандай милдеттерди аткаруу керектигин аныктайт<br>3.Ролго таандык сөздөрдү көркөм окуйт<br>4.Инсценировкага катышат:костюмдарды,декорациянын элементтерин тандайт<br>5. Коюлган милдеттерге ылайык ролду аткарат жана создөрүн көркөм окуйт<br>6. Классташтарынын аткарган ролдору боюнча өз мамилесин айтат |
| | **4. Автордук дүйнө** | **6.3.4. 16**. Автор жана анын чыгармасы боюнча чыгармачыл иш даярдайт | 1.Окуган чыгармасы боюнча викторинага, жазуучулардын адабий чыгармасы боюнча коюлган оюндарга катышат<br>2.Окуган чыгарма боюнча (мугалимдин же команда менен биргеликте) оюндарды уюштурууга жана өткөрүүгө катышат<br>3.Автор тууралуу китепче жаратат(жекече,команда менен)<br>4. Класста кол өнөрчүлүк ишин презентациялайт |

**7-класс.**

**Адабий чыгармаларды түшүнүү каражаттары: теориялык түшүнүктөрдүн минималдуу тизмеси**

Символ, жанр, гипербола, көйгөй, образ. Конфликт, каармандын мүнөзү. Жазуучунун өмүр баяны. Котормочу акын-жазуучулар. Лирикалык каарман. Интерьер, антитеза.

**6-таблица**

| **Компетенттүүлүк** | **Мазмундук тилке** | **7- класс** | |
|---|---|---|---|
| | | **Күтүлүүчү натыйжа** | **Сунушталуучу көрсөткүчтөр** |
| **1.Окурмандык** | **1. Көркөм форма (сюжет, жанрлар)** | **7.1.1.1.**<br>Чыгарманы түшүнүү үчүн кептик үлгүлөрдү жана активдүү сөз байлыгын колдонот | **1.** Сөздөрдүн түшүндүрмөсүн сөздүктөрдөн жана башка булактардан табат<br>**2.** Тексттеги түшүнүүгө кыйын болгон сөздөрдүн маанисин түшүндүрөт<br>**3.** Өз алдынча сөздүк дептер уюштурат<br>**4.** Жаңы сөздөр менен сүйлөм түзөт<br>**5.** Командада сөз оюндарын ойлоп табат,лингвистикалык оюндарга катышат<br>**6.** Оозеки жана жазуу кебинде жаңы сөздөрдү колдонот |
| | | **7.1.1.2.**<br>Окуган,уккан текст боюнча суроолорго жооп берет жана суроолорду түзөт | 1. Суроонун маанисин түшүнөт<br>2.Тексттин мазмунунан жоопторду табууга багыт алат<br>3.Тексттен суроолоро жоопторду табат<br>4.Суроолорго тике жана жабык жооп берген саптарды бөлүп көрсөтөт<br>5.Кептик үлгүлөрдүн негизинде суроолорго жооп түзөт<br>6.Мазмуну боюнча суроолорго иреттүү жайгаштырылган жоопторду берет<br>7.Берилген суроолор боюнча жыйынтык чыгарат<br>8.Текстке же эпизодго 2-3 суроо түзөт |
| | | **7.1.1.3.**<br>Тексттин жөнөкөй планын түзөт,тексттин тандаган кыска жери боюнча баа берүү менен жакындаштырып сүйлөп берет, | 1.Айтып берүүнүн түрүн ажыратат(текстке жакындаштырылган,кыскача,баа берүү менен)<br>2.Аңгеменин темасын жана максатын аныктайт<br>3.Чыгармадагы окуянын ырааттуулугун аныктайт(окуянын башталышы,өнүгүшү) |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | | 4. Мугалимдин жана окуучулардын жардамы менен тексттин маңыздуу бөлүктөрүн ажыратып,ат коет<br>5. Ар кайсы жеринен алынып түзүлгөн пландын пункттарын иреттеп түзөт<br>6.Айтып берүү үчун өз алдынча жөнөкөй план түзөт<br>7. Окуяны айтып берүү үчүн зарыл болгон лексиканы жана айтып берүүнүнүн конкреттүү бир түрүн (кыскача,баа берүү менен ж.б.)тандайт<br>8. Текстти айтып берүү үчүн графикалык уюштуруучуларды тандайт |
| | | **7.1.1.4.**<br>Ырдын негизги эпидоддоруна анализ жүргүзөт жана тексттин айрым элементттерин комментарийлейт | 1.Тексттен 1-2 маанилүү эпизоддорду бөлүп,анын окуянын андан ары өнүгүшүндөгү ролун белгилейт,ырдагы ыр саптарына комментарий берет<br>2.Ырдын темасын,,эпизоддорун,башкы каармандарын,окуясын аныктайт<br>3Башка эпизоддор менен байланышын белгилейт (буга чейин жана андан кийин баяндалган окуялар боюнча)<br>4.Колдонулган тарыхый турмуштук фактыларга,адабий көркөм каражаттарга комментарий берет<br>5.Чагылдырылган окуяларга,сүрөттөлөөлөргө карата атордун мамилесин ачат<br>6.Ырдагы,эпизоддордогу анализ,суроолордун негизинде аңгеме түзөт |
| | **2. Адабий каарман** | **7.1.2.5.**<br>Адабий каармандарга кыска индивидуалдуу салыштырмалуу мүнөздөмө берет | 1.Башкы каармандын негизги өзгөчөлүктөрүн,мүнөзүн аныктайт<br>2.Тексттен башкы каармандын мүнөзү ачылган эпизоддорду мисал кылып айтат<br>3.Башкы каармандын иш-аракеттеринин себептерин,мотивдерин түшүндүрөт<br>4.Башкы каарманды мүнөздөө үчүн таблица,схема,план түзөт<br>5.Башкы каарманды мүнөздөө үчүн эмоционалдык баа берүүчү сөздөрдү, кептик үлгүлөрдү колдонот<br>6.Башкы каармандардын мүнозүндөгү окшоштуктарды, айрымачылыктарды түшүндүрөт |
| | **3. Көркөм кеп** | **7.1.3.6.**<br>Тексттеги көркөм каражаттардын ролун түшүндүрөт | 1.Тексттен метафора,салыштыруулар,элестетүү менен берилген жерди таап,алардын ролун түшүндүрөт<br>2.Чыгармадагы улуттук-маданий элементтерди бөлүп көрсөтүп, ага комментарий берет<br>3.Тексттин көркөмдүк өзгөчөлүктөрүнө таянып, элестетүү менен сүрөт тартат(башкы каармандын турпаты , пейзаждык сүрөттөөлөр, кырдаалды баяндоо) |
| | **4. Автордук дүйнө** | **7.1.4.7.**<br>Чыгарманын темасын,андагы негизги ойду аныктайт | **1.** Окуган чыгарманын негизги темасын атайт<br>**2.** Чыгарманын аталышынын негизинде анын окуясын болжолдоп айтат<br>**3.** Кептик үлгүлөргө таянуу менен негизги ойду түзөт<br>**4.** Темага карата автордук мамилени аныктайт(аталышы, жб.) |
| **2. Эмоционалдык баалуулдук** | **1. Көркөм форма (сюжет, жанрлар)** | **7.2.1.8.**<br>Окуган чыгармасынан алган таасирлерин билдирет | 1. Чыгармага эмоционалдуу баа берет,өзүнүн мамилесин түшүндүрөт<br>2. Классташтары менен чыгармадан алган таасирлерин бөлүшөт<br>3. Чыгармага карата мамилесин эсседе ачык берет |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | **2. Адабий каарман** | **7.2.2.9.**<br>Класста сүйүктүү каарманы тууралуу айтып берет,андан алган таасирлерин бөлүшөт | 1.Жаккан каармандарын атайт,өзүнүн тандоосун аргументтештирип айтат<br>3. Сүйүктүү каарманы жөнүндө аңгемелелшүүнү демилгелейт жана ага катышат<br>4.Замандаштарынын башкы каарманга карата мамилесин билдирген кептеринен цитата келтирет<br>5.Чыгармачыл иштин бир үрүн тандайт(сүрөт, слайд-шоу, графикалык уюштуруучулар) башкы каарманга мамилесин чагылдыруу үчүн<br>6.Окурмандык күндөлүгүнө жазат,эсепке алат жана классташтары менен таасирленүүсүн бөлүшөт |
| | **3. Көркөм кеп** | **7.2.3.10.**<br>Ырларды,аңгемелерден үзүндүнү көркөм окуйт (баяндоо менен) | 1. Тандаган үзүндү,ырга өзүнүн мамилесин эмоционалдуу билдирет<br>2.Ыр,аңгеме,жомоктун кандай маанайда жеткендигин түшүндүрөт<br>3.Даяр схема боюнча чыгармадагы логикалык басымды, паузаны талкуулайт,окууда аларды сактайт<br>4. Окуп жатканда сезимдерин,кабатырланануусун берет<br>5. Темага,образга карата окуп жатканда мамилесин билдирет<br>6.Классташтарынын критерийлер боюнча көрком окуусуна баа берет<br>7.Көркөм окуу конкурсуна,адабий иш-чараларга катышат |
| | **4. Автордук дүйнө** | **7.2.4.11.**<br>Тексттен автордун тике жана кыйыр берген баасын табат,башкы каарманга, окуяга мамилесин билдирет | 1.Түз жана кыйыр түрүндө берилген авдордук бааны атайт (лексикалык жактан баалоо,Көркөм кеп каражаттары боюнча,ысымдардын мааниси,ирония ж.б.)<br>2.Тексттен түз жана кыйыр түрүндө берилген автордук баага мисал келтирет<br>3.Башкы каармандын иш-аракеттери тууралуу оюн айтат,автордун берген баасы менен салыштырат<br>4.Автордун берген баасын өз кебинде колдонот |
| | | **7.2.4.12.**<br>Көркөм текстти сүрөт,иллюстрация,музыка менен салыштырат,ага карата ойлорун айтат | 1. Тексттен сүрөт тартууга,иллюстрацияга ылайыктуу саптарды табат<br>2. Көргөн кино-мультфильмдердин таасири жөнүндө айтып берет<br>3. Мультфильм,обондуу ырлар,сүрөттөр жб тууралуу ойлорун айтат<br>4. Чыгармага сүрөт планын түзөт<br>5. Өз алдынча текстке мазмуну жакын сүрөттөрдү тандайт<br>6. Көркөм текст менен иллюстрация,сүрөт,мультфильм ж.б.айрымасын жана окшоштугун аныктайт |
| **3.Адабий чыгармачылык** | **1.Көркөм форма (сюжет, композиция, жанрлар)** | **7.3.1.13.**<br>Уккан адабий чыгармасы, сүрөт боюнча дил баян жазат | 1. Сүрөттүн,иллюстрациянын темасын,идеясын аныктайт<br>2. Сүрөт боюнча суроолорго жооп берет<br>3. Сүрөт боюнча дил баяндын планаын түзөт<br>4. Чыгарманы тартылган сүрөт,иллюстрациялар менен салыштырат:окшоштугун,айрымасын айтып берет<br>5. Текстте темага жакын цитаталарды бөлүп көрсөтөт<br>6. Жазуу ишинин бир түрүн тандайт(суроолорго жооп берүү,баяндоо,талкуулоо,таасирленүү) |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | **2. Адабий каарман** | **7.3.2.14.**<br>Башкы каарман тууралуу чыгармачыл иш даярдайт | 1. Кызыккан каарманы боюнча чыгармачыл иш даярдайт<br>2.Башкы каарманга таасирленгендиги боюнча бир чыгармачыл иш тандайт:сүрөт,аппликация ж.б. Эмне үчүн тандагандыгын түшүндүрөт<br>3. Командада презентация даярдайт<br>4. Адабий каармандарды демонстрациялоого катышат<br>5. Классташтарынын чыгармачыл иштери боюнча ой-пикирин айтат<br>6. Чыгармачыл презентацияны мектептин сайтына,дубал гезиттерине ж.б. жарыялайт |
| | **3. Көркөм кеп** | **7.3.3.15.**<br>Тамсил,аңгеменин эпизоддору боюнча коюлган инсценировкага катышат | 1.Ролдорго бөлүштүрүп инсценировка коюуда жана көркөм окууда өзүнө роль тандайт<br>2.Каармандын мүнөздөрүн ачуудагы милдеттерди аныктайт<br>3.Тандаган ролуна дал келтирип көркөм окуйт<br>4. Инсценировкага катышат:костюм,декорациянын элементтерин тандайт<br>5. Талапка ылайыктуу роль боюнча окуйт,аткарат<br>6. Классташтарынын аткарган ролдору жөнүндө ойлорун айтат |
| | **4. Автордук дүйнө** | **7.3.4.16.**<br>Чыгрмачыл формада автор жана анын чыгармасы тууралуу билдирүү даярдайт | 1. Жазуучунун жашоосундагы олуттуу окуяларды бөлүп көрсөтөт<br>2. Жазуучунун турмушу жана жашаган доорунун байланышын аныктайт<br>3. Автор тууралуу билдирүү жасоо үчүн чыгармачыл иштин бир формасын тандайт(жекечеже,группа менен) 4.Группа менен же жекече презентация жасап өткөрөт. 5. Жазуучу боюнча викторинанын суроолорун түзөт. 6. Адабий кечелерге катышат |

**8- класс**
**Адабий чыгармаларды түшүнүү каражаттары: теориялык түшүнүктөрдүн минималдуу тизмеси**
Историзм, романтика, улуттук маданият. Адабий чыгармадагы диалог, монолог. **7-таблица**

| **Компетенттүүлүк** | **Мазмундук тилке** | **8- класс** | |
|---|---|---|---|
| | | **Күтүлүүчү натыйжалар** | **Сунушталуучу көрсөткүчтөр** |
| **1.Окурмандык** | **1. Көркөм форма (сюжет, жанрлар)** | 8.1.1.1.<br>Чыгармага ой жүгүртүүдө кептик үлгүлөрдү,активдүү сөз катмарларын колдонот | **1.**Өз алдынча дептерге,электрондук маалымат каражаттарына сөздөрдү (мааниси түшүнүксүз )жазып алат<br>**2.**Ар түрдүү ыкмалар менен түшүнүүгө кыйын болгон сөздөрдү түшүндүрөт<br>**3.** Ал сөздөр менен жөнөкөй,татаал сүйлөмдөрдү түзөт |
| | | 8.1.1.2.<br>Окуган,уккан чыгармалары боюнча суроолорго жооп берет жана суроо түзөт | 1. Суроонун маанисин түшүнөт<br>2. Тексттин мазмунунан жооп издегенге ориентир алат<br>3.Суроого жооп алуу үчүн изденет<br>4.Суроолорго ачык жана жабык жооп берген жерлерди бөлүп көрсөтөт<br>5.Кептик үлгүлөрдүн негизинде суроолорго жооп түзөт<br>6. Мазмуну боюнча суроолорду ырааттуу берет<br>7.Текстке карата же конкреттүү ситуацияга суроолорду түзөт,окуучулар биргеликте талкуулайт<br>8. Берилген суроолор боюнча жыйынтык чыгарат |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | **8.1.1.3.**<br>Пландын түрлөрүн (жөнөкөй,цитаталуу) түзөт,баа берүү менен<br>текстти кыскача айтып берет | 1.Тексттеги негизги эпизоддорду бөлүп көрсөтөт<br>2. Ар түрдүү ыкма менен эпизодго ат коет (суроолуу, атама сүйлөм, цитата менен)<br>3. Баяндоонун формаларын,максатка ылайыктуу айтып берүүнүн түрлөрүн ажыратат(сүйлөп берүү)<br>4. Айтып берүү үчүн тексттен материалды бөлүп алат(эпизод,монолог ж.б.)<br>5. Тексттин мазмуну поюнча планын оозеки берет<br>6. Айтып берүүдө иллюстрацияларды,графикалык уюштуруучуларды колдонот<br>7. Айтып бергенин диктафонго жаздырып алып,кайра угат,оңдойт |
| | | **8.1.1.4.**<br>Тексттин негизги 2-3 эпизоддорун бөлүп көрсөтөт,ыр тандайт,анализ жасайт,комментарий берет | 1.Тексттен эң маанилүү деген үзүндүнү бөлүп, анын окуянын өнүгүшүндөгү ролун бөлүп көрсөтөт<br>2.Эпизоддун темасын,каармандарын,окуясын аныктайт<br>3.Башка окуялар менен байланышын белгилейт(буга чейинки жана андан кийинки баяндалуучу окуялар)<br>4. Колдонгон адабий көркөм каражаттарды комментарийлейт<br>5. Чагылдырган окуяларга карата автордун мамилесин ачып берет<br>6. Чыгармадагы негизги ойду берүүдө эпизоддун ролун аныктайт<br>7.  Схема боюнча анализденген эпизодорго аңгеме түзөт |
| | **2. Адабий каарман** | **8.1.2.5.**<br>Адабий каармандарга жекече,салыштырмалуу кыскача мүноздөмо берет | 1. Башкы каармандардын негизги мүнөз сапаттарын аныктайт<br>2. Тексттен каармандардын мүнөздөрү ачып берилген эпизоддорду,цитаталарды келтирет<br>3. Каармандардын кылк-жоруктарынын себептерин,мотивдерин түшүндүрөт<br>4.Каармандардын мүнөздөрун ачууда даяр таблица,схема, план колдонот<br>5.Каармандарды мүнөздөө үчүн таблица,схема,план түзөт<br>6.Башкы каарманды мүнөздөө үчүн кептик үлгүлөрдү,эмоционалдык баалуулук сөздөрдү колдонот<br>7. Каармандардын окшош жактарын, айрымасын түшүндүрөт<br>8. Жашоодогу каармандар менен чыгармадагы каармандарды салыштырат |
| | **3.Көркөм кеп** | **8.1.3.6.**<br>Тексттеги көркөм соз каражаттарынын ролун түшүндүрөт (метафора,гипербола,символдук образдар) | 1.Тексттен улуттук маданий элементтерди жана символдук образдарды бөлүп көрсөтөт,комментарий берет<br>2.Чыгармадагы образдуу сөздөрдүн маанисин түшүндүрөт<br>3. Тексттин адабий өзгөчөлүктөрүнө таянуу менен элестетип  сүрөт тартат(каармандын сырткы көрүнүшү,пейзаждык сүрөттөөлөр)<br>4. Кыргыз жана орус адабий чыгармаларындагы символдук образдарды салыштырат |
| | **4. Автордук дүйнө** | **8.1.4.7.**<br>Тема боюнча жакын авторлордун чыгармаларын салыштырат | 1.Окуган чыгармалардын негизги темасын атайт<br>2.Ар башка жазуучулардын теманы ачуудагы өзгөчөлүктөрүн бөлүп көрсөтөт<br>3. Ар башка жазуучулардын бир теманы ачып берүүдө окшоштугун, айрымасын ачат |

| | | | |
|---|---|---|---|
| **2.Эмоционалдык баалуулук** | **1. Көркөм форма (сюжет, жанрлар)** | **8.2.1.8.**<br>Жаккан чыгармасын бөлүп көрсөтөт жана эмне үчүн тандагандыгын түшүндүрөт | 1. Чыгарманы тандагандыгын негиздейт(жанр,сюжет,тематикасы)<br>2.Сүйүктүү чыгармасын тандагандыгын,берген баасын ачык билдирет<br>3. Чыгарманын сюжети менен тарыхый окуяны салыштырат |
| | **2. Адабий каарман** | **8.2.2.9.**<br>Адабий каармандардын тийгизген таасири тууралуу айтат | 1. Каарманды мүнөздөө үчүн эмоционалдуу баалуулук лексикасын колдонот<br>2. Каарманга баа берүүдө кептик үлгүлөрдү колдонот<br>3. Классташтарынын адабий каарман тууралуу сын-пикирлерин талкуулайт жана салыштырат |
| | **3. Көркөм кеп** | 8.2.3.10.Кызыккан ырлардан, чыгармадан, сценкалардан эпизод, үзүндү тандайт жана көркөм окуп берет | 1. Тандаган чыгармасын аныктайт жана комментарийлейт<br>2. Ыр,аңгеме,жомоктон үзүндү кандай маанайда жеткендигин түшүндүрөт<br>3.Даяр схема боюнча коюлган логикалык басым, паузанын коюлушун талдайт,окууда аларды сактайт<br>4. Темага,образдарга мамилесин билдирет<br>5. Окуп жатканда ички сезимдерин билгизүү менен окуйт<br>6. Классташтарынын көркөм окуусун критерийлер боюнча баалайт<br>7. Адабий иш-чараларга ,көркөм окуу конкурстарына катышат |
| | **4. Автордук дүйнө** | 8.2.4.11.<br>Чыгарманын баалуулугун аныктайт жана өзү үчүн жыйынтык чыгарат | 1. Тексттин идеясы жөнүндө ачык билдирет<br>2. Тексттен түз жана кыйыр берилген автордун баасын табат,чыгармага карата өзүнүн мамилесин билдирет<br>3.Жаккан чыгармасынан үзүндү,цитаталарды келтирет,ал цитаталардын маанисин түшүндүрөт |
| | | 8.3.4.12.<br>Көркөм текст менен сүрөттөрдү,иллюстрацияларды, музыканы салыштырат, жыйынтык чыгарат | 1. Сүрөт тартуу,иллюстрация үчүн тексттен саптарды(үзүндү) издеп табат<br>2. Чыгармага карата сүрөттүн планын түзөт<br>3. Өз алдынча текстке,тексттин мазмунуна жакын сүрөт тандайт<br>4. Сүрөт,иллюстрация боюнча аңгеме түзөт<br>5. Көркөм текст менен сүрөт,иллюстация ж.б. айрымасын аныктайт |
| **3.Адабий чыгармачылык** | **1.Көркөм форма (сюжет, композиция, жанрлар)** | **8.3.1.13**.<br>Эссе-ой толгоо, ангеме жазат, ыр чыгарат | 1. Чыгармачыл иштин темасын,жанрын, максатын аныктайт<br>2. Аңгеменин,эссенин планын түзөт,текстке алгачкы иш жаратат<br>3. Көркөм кеп каражаттарын тандайт<br>4. Чыгармачыл иштин алгачкы жумушчу вариантын жазат жана аны коррекциялайт<br>5.Ар түрдүү формада өздүк чыгармасын “жарыялайт” (классташтарына окуп берет,дубал гезиттерге чыгарат, ж.б.)<br>6. Чыгармачыл иштердин конкурсуна катышат |
| | **2. Адабий каарман** | **8.3.2.14.**<br>Сүйүктүү каарманы жөнүндө билдирүү даярдайт(жекече же группада) | 1.Сүйүктүү каарманын аныктайт,өзүнүн тандоосу негиздүү экенин далилдейт<br>2. Башкы каарманы тууралуу айтып берүү үчүн чыгармачыл бир иштин түрүн тандайт(иллюстрации сүрөт, слайд-шоу, графикалык уюштуруучулар (чиймелер)<br>3.Адабий каарман жөнүндө презентация жасайт,талкуулайт(жекече,команда менен) |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | **3. Көркөм кеп** | **8.3.3.15.**<br>Тамсил,аңгеменин эпизоддору боюнча коюлган инсценировкага катышат | 1.Ролдорго бөлүштүрүп инсценировка коюуда жана көркөм окууда өзүнө роль тандайт<br>2.Каармандын мүноздөрүн ачуудагы милдеттерди аныктайт<br>3.Тандаган ролуна дал келтирип көркөм окуйт<br>4. Инсценировкага катышат:костюм,декорациянын элементтерин тандайт<br>5. Талапка ылайыктуу роль боюнча окуйт,аткарат<br>6. Классташтарынын аткарган ролдору жөнүндө ойлорун айтат |
| | **4. Автордук дүйнө** | **8.3.4.16.**<br>Чыгарманын темасы,идеясы боюнча презентация жасайт | 1. Күндөлүгүнө автор боюнча негиздүүлөрүн жазат<br>2. Автор тууралуу билдирүү жасайт(жекече,группада) түрдүү формада<br>3. Чыгарманын менталдык картасын түзөт<br>4. Жекече же группа менен текстке карата слайд-шоу, коллаж жасайт<br>5. Жазуучу жөнүндө викторинага суроолорду түзөт |

**9-класс Адабий чыгармаларды түшүнүү каражаттары: теориялык түшүнүктөрдүн минималдуу тизмеси.**
Романтизм, реализм, драмалык чыгарма, автордун көркөм дүйнөсү, жазуучунун стили, маданий баалуулуктар.

**8-таблица**

| **Компетенттүүлүк** | **Мазмундук тилке** | **9- класс** | |
|---|---|---|---|
| | | **Күтүлүүчү жыйынтык** | **Сунушталуучу көрсөткүчтөр** |
| **1.Окурмандык** | **1. Көркөм форма (сюжет, жанрлар)** | **9.1.1.1.**<br>Чыгармадагы негизги мазмунду түшүнүү,ой жүгүртүү үчүн нравалык жактан баа берүүчү кептик үлгүлөрдү жана активдүү сөз байлыгын колдонот | 1.Сөздүк менен иштөөнүн түрдүү ыкмаларын колдонот<br>2. Түшүнүүгө кыйын болгон сөздөрдүн маанисин түшүндүрөт (талкуулоо, синоним, антоним сөздөдүн жардамы менен,этимологиясы, сөз составы боюнча талдоо ж.б.).<br>3. Кебинде активдүү создөрдү, кептик үлгүлөрдү пайдаланат |
| | | **9.1.1.2.**<br>Текстке байлашыштуу суроолорду же турмуштан алынган конкреттүү ситуацияларды талкуулайт | 1.Уккан же окуган тексттен жана конкреттүү ситуациядан алып ,мазмуну жана көркөмдүк формасы боюнча суроолорду түзөт<br>2. Фактологиялык жана концептуалдык суроолорду айрымалайт<br>3. Текстке түрдүү баскычтагы суроолорду түзөт,классташтары менен талдайт |
| | | **9.1.1.3.** Пландын түрлөрүн (жөнөкөй,татаал)түзөт, тандоосу боюнча<br>текстти талкуулоо менен кыскача айтып берет | 1.Чыгарманы айтып берүүнүн (кыскача,монолог,жаккан жери)түрүн айрымалайт<br>2.Пландын ар кандай түрлөрүн түзүүнүн көндүмдөрүнө ээ болот<br>3.Тексттен айтып берүү үчүн материал тандайт(эпизод,эмоционалдуу-баалуулук лексика ж.б.<br>4. Тексттин мазмунун оозеки берет, графикалык чиймелер менен |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | **9.1.1.4.**<br>Ырды анализдейт,тексттин негизги эпизоддорун кептик үлгүлөрдү колдонуп комментарийлейт | 1. .Тексттен эң маанилүү деген үзүндүнү бөлүп, анын окуянын өнүгүшүндөгү ролун бөлүп көрсөтөт<br>2. Чыгармадан алынган үзүндүлөрдүн, ырлардын планын,суроолорун түзөт<br>3. Эпизоддун темасын, каарманын,окуясын аныктайт<br>4.Башка эпизоддор менен байланышын белгилейт(ага чейинки жана андан кийинки)<br>5. Чыгармадагы негизги ойду берүүдө эпизоддун ролун аныктайт<br>6. Чыгармадан алынган үзүндүлөргө, ырларга анализ боюнча байланыштырып аңгеме түзөт |
| | **2. Адабий каарман** | **9.1.2.5.**<br>Адабий каармандар жөнүндө аңгеме-талкуу жасайт(жекече, салыштырмалуу, группалык мүнөздөмө | 1. Даяр таблица схема,пландарды колдонот жана каармандардын мүнөздөүн ачууда өзү аларды даярдайт<br>2. Аңгеме-ойжүгүртүүнүн темасын,максатын,мүнөздөөнүн түрүн аныктайт<br>3. Тексттен башкы каармандын мүнөздөрүн ачкан эпизод,,цитаталарды келтирет<br>4.Башкы каарманды сүрөттөөдө эмоционалдуу баалуулук лексиканы,кептик үлгүлөрдү пайдаланат<br>5. Чыгармадагы каарман менен жашоодогу каарманды салыштырат<br>6. Чыгарманын каарманынбардык жагынан ачып көрсөтөт |
| | **3. Көркөм кеп** | **9.1.3.6**.<br>Тексттеги Көркөм кеп каражаттарынын ролун түшүндүрөт | 1.Тексттен Көркөм кеп каражаттарын бөлүп көрсөтөт,алардын чыгармадагы ролун ачып берет<br>2.Чыгармадан кыргыз элинин жана башка элдердин маданиятын чагылдырган айрым элементтерин белгилеп,комментарийлейт,кыргыз адабиятынын өзгөчөлүктөрүн, байланышын табат<br>3.Оозеки кепте Көркөм кеп каражаттарын колдонот<br>4. Көркөм кеп каражаттарынын жана этномаданий элементтердин өзгөчөлүктөрүн ачуу максатында чыгармачыл тапшырмаларды аткарат |
| | **4. Автордук дүйнө** | **9.1.4.7.**<br>Чыгарманын темасын, идеясын ачат, кыргыз адабияты менен байланышын белгилейт | 1. Чыгарманын негизги темасын,көйгөйүн атайт<br>2. Тексттин идеясы тууралуу кеңири билдирүү жасайт<br>3. Биздин адабият менен башка адабияттардын байланышын аныктайт(тема,көйгөй,автордук позиция) |
| **2.Эмоционал дык баалуулук** | **1. Көркөм форма (сюжет, жанрлар)** | **9.2.1.8.**<br>Класста же өз алдынча окуган чыгарманы же авторду өзүнө жакканын тандайт,тандоосун аргументтештирип айтат | 1. Окурмандык артыкчылыктары тууралуу айтат,кыскача аларды негиздейт<br>2. Кыскача китеп боюнча пикирин берет<br>3. Окуган сүйүктүү китептери боюнча талкууга катышат |
| | **2. Адабий каарман** | **9.2.2.9.** Жан дүйнөсүнө жакын адабий каарманды тандайт, тандоосун аргументтештирип айтат | 1.Чыгармадагы сүйүктүү каарманын атайт,аргументтештирет<br>2. Каарманга баа берүүдө кептик үлгүлөрдү колдонот<br>3. Классташтарынын каармандар тууралуу ар кандай пикирлерин салыштырат жана талкуулайт |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | **3. Көркөм кеп** | **9.2.3.10.**<br>Окуган түрдүү жанрдагы чыгармаларын көркөм окуйт | 1.Класста,конкурста көркөм жатка айтат<br>2.Көркөм окууда автордун сезимдерин,ойлорун жеткире алат жана өзүнүн каарманга болгон мамилесин билдирет |
| | **4. Автордук дүйнө** | **9.2.4.11.**<br>Автордун нравалык позициясын аныктайт жана өзүнүн мамилесин салыштырат | 1.Автор коргогон же баш тарткан идеяларын идеяларын калыпка салат(калыптандырат)<br>2.Автор,анын көз карашы,чыгармасы тууралуу айтылган сын-пикирлерди талдайт<br>3.Замандаштары жана өзүнүн инсандык өнүгүүсү үчүн чыгарманын маанисин ачат<br>4 Жаккан чыгармалардан үзүндү, цитаталарды келтирет |
| | | **9.2.4.12.**<br>Көркөм текст менен искусствонун башка түрлөрүн салыштырат,алардын өзгөчөлүктөрүн ачып көрсөтөт | 1.Тексттен сүрөт,иллюстрация тартуу үчүн саптарды(үзүндү)тандайт<br>2.Искусствонун башка түрлөрү боюнча ойлорун,андан алган таасирлерин айтат<br>3.Искусствонун түрдүү чыгармалары жөнүндө комментарий берет (сөз, боектор,музыка, үн ж.б.)<br>4. Өз алдынча текстке ылайыктуу сүрөт, музыкалык чыгарма ж.б. тандайт, мааниси боюнча<br>5. Көркөм текст менен алардын байланынын жана айрымасын аныктайт |
| **3.Адабий чыгармачылык** | **1.Көркөм форма (сюжет, композиция, жанрлар)** | **9.3.1.13.**<br>Эссе-талкуу жазат | 1.Эссе-ой жүгүртүүнүн өзгөчөлүктөрүн атайт<br>2.План түзөт, материал тандайт<br>3.Өздүк чыгармасын түрдүү формада жарыялайт(классташтарына окуп берет, дубал гезитке чыгарат ж.б.)<br>4.Чыгармачыл иштердин конкурсуна катышат<br>5.Чыгармачыл иштерди критерийлер боюнча баалайт |
| | **2. Адабий каарман** | **9.3.2. 14.**<br>Башкы каармандар боюнча чыгармачыл иш даярдайт(жекече,группада) | 1.Каарманды тандайт,тандоосу негиздүү экенин түшүндүрөт<br>2.Чыгармачыл бир иштин формасын тандайт (иллюстрация сүрөт, слайд-шоу, графикалык чиймелер ж.б..) каарманды тааныштыруу үчүн<br>3. Презентация жасайт,адабий каарман тууралуу талкуулайт(жекече, команда менен) |
| | **3. Көркөм кеп** | **9.3.3.15.**<br>Эпизоддордун,<br>драмалык чыгармалардын инсценировкасына катышат | 1.Ролдорго бөлүштүрүп инсценировка коюуда жана көркөм окууда өзүнө роль тандайт<br>2.Каармандын мүноздөрүн ачуудагы милдеттерди аныктайт<br>3.Тандаган ролуна дал келтирип көркөм окуйт<br>4. Инсценировкага катышат:костюм,декорациянын элементтерин тандайт<br>5. Талапка ылайыктуу роль боюнча окуйт,аткарат<br>6. Классташтарынын аткарган ролдору жөнүндө ойлорун айтат |
| | **4. Автордук дүйнө** | **9.3.4.16.**<br>Жазуучунун чыгармачылыгы боюнча презентация жасайт | 1. Презентация жасоо үчүн автордү тандайт<br>2. Чыгармачыл иштин бир формасын тандайт (иллюстрация, сүрөт, коллаж, слайд-шоу, графикалык чиймелер, буктрейлер ж.б..)<br>3. Бир жазуучунун чыгармачылыгы боюнча долбоор жазууга катышат<br>4. Презентация жасайт, анын материалын талкуулайт |

**10-класс**

**Адабий чыгармаларды түшүнүү каражаттары: теориялык түшүнүктөрдүн минималдык тизмеси** Адабий процесс тууралуу түшүнүк, адабий багыттар (романтизм, реализм), чыгармалардын жанрлары тууралуу түшүнүк; жазуучунун жеке стилинин өзгөчөлүгү; көркөм ыкмалар, адабий сын, салттуулук жана жаңычылдык, жалпы маданий жана этно маданий баалуулуктар.

**9-таблица**

| **Компетенттүүлүк түр** | **Мазмундук линиялар** | **10 класс** | |
|---|---|---|---|
| | | **Күтүлүүчү натыйжалар** | **Сунушталуучу көрсөткүчтөр** |
| **1. Окурмандык** | **1. Көркөм форма (сюжет, композиция, жанрлар)** | **10.1.1.1.**<br>Чыгарманы талкуулоо менен стилистикалык сөз байлыгын нравалык-философиялык, этномаданий лексикасын толуктайт, активдүү сөз байлыгына ээ болот | 1.Сөздүктөр менен иштөөнүн ар кандай ыкмаларын билет<br>2. Түшүнүүгө кыйын сөздөрдүн маанисин ар кандай ыкмалар менен түшүндүрөт (интерпретация, синонимдердин, антонимдердин, Этимологиянын жардамы менен, сөздүн курамын талдоо ж. б.)<br>3. Сүйлөөдө активдүү сөз байлыгын жана кеп үлгүлөрүн колдонот |
| | | **10.1.1.2.**<br>Көйгөйлүү суроолор боюнча кеңири жоопторду берет | **1.** Көйгөйлүү суроонун жообуна тексттен материалды **тандайт**<br>**2.** Толук жоопту схема боюнча же өз алдынча **табат.**<br>**3.** Көйгөйлүү суроого турмуштук мисалдары менен **жооп берет** |
| | | **10.1.1.3.**<br>Айтып берүүнүн ар кандай түрүн колдонот | **1.** Көркөм текст үчүн ар кандай пландарды **түзөт.**<br>**2.** айтып берүү үчүн тексттен материал **тандайт.**<br>**3. Темага, максаттарга ылайык текстти кайталайт.**<br>**4**. Класcташтарынын айткандарын критерийлер боюнча **баалайт.** |
| | | **10.1.1.4.**<br>Тексттеги,драмадагы,ырдагы негизги эпизоддорду кептик үлгүлөрдү колдонуу менен өзгөчөлүктөрүнө комментарий берет | **1.**Тексттеги эң маанилүү үзүндүнү баса белгилеп, окуялардын өнүгүшүндөгү жана чыгарманын негизги ой-пикирин ачуудагы ролун **түшүндүрөт.**<br>**2.** Эпизодду, көрүнүштү, поэманы талдоонун планын, суроолорун же схемасын **колдонот**<br>**3.** Эпизоддун, каармандардын, окуянын темасын **аныктайт**<br>**4.** Башка эпизоддор менен байланыш **түзөт (**сүрөттөлгөн окуяларга чейин жана кийин)<br>**6.** Анализдин негизинде ырааттуу аңгеме **түзөт** |
| | **2. Адабий каарман** | **10.1.2.5.**<br>Жанрдык озгөчөлүктөрүн учетко алуу менен адабий каармандын образын анализдейт | **1.** Эпикалык, лирикалык жана драмалык чыгармада образдарды жаратуунун өзгөчөлүктөрүн **аныктайт.**<br>**2.** Образдын идеясын ачып берет, баатырдын образын ачуу планын **түзөт**<br>**3.** Бул ар кандай жанрдагы чыгармаларда каармандын образын ачууда текстти **колдонот.**<br>**4.** Каарманды талдоо боюнча суроолорго **жооп берет.**<br>**5.**Баатырдын жүрүм-турум үлгүсүн жана анын тажрыйбасын турмуштук кырдаалдар менен **байланыштырат.** |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | **3. Көркөм кеп** | **10.1.3.6**. Чыгармадагы көркөм сөздүн өзгөчөлүктөрүн ачып берет, негизги образдарды, символдорду бөлүп көрсөтөт, | **1.** Көркөм кеп каражаттарын **табат** (эпитеттер, метафоралар, образ-символдор, ырдагы ритм, интонация, рифма ж. б.) жана алардын тексттеги ролун **ачып берет**<br>2.Тексттен ар түрдүү маданияттарга мүнөздүү сөздөрдү, учкул сөздөрдү **чечмелейт.**<br>**3.** Текстти талдоодо жана өз сөзүндө Көркөм кеп каражаттарын **колдонот. сүрөт жана экспрессивдүү каражаттарды колдонот.** |
| | **4. Автордук дүйнө** | **10.1.4.7.**<br>Окуган адабий чыгармалардын негизги темаларын,образдарын салыштырат,аныктайт | 1. . Ар кандай авторлордун чыгармаларынын окшоштуктарын жана айырмачылыктарын **белгилейт** (темалар, көйгөйлөр, образдар, автордук мамилелер ж. б.)<br>2.Маданий чындыктардын, фактылардын сүрөттөлүшүн салыштырат, жалпы жана маданий өзгөчөлүктү **баса белгилейт**<br>3. Салыштыруунун негизинде аңгеме **түзөт** |
| **2. Эмоцио налдуу баалуулук** | **1. Көркөм форма (сюжет, композиция, жанрлар)** | **10.2.1.8.**<br>Өз алдынча окуй турган чыгармаларды аныктайт | 1. Адабий каармандарга карата мамилеси менен тематикасына, жанрына жараша кызыгуусу боюнча китептерди **тандайт**<br>2.Сүйүктүү чыгармалары тууралуу таасирлери менен **бөлүшөт**<br>3. Жеке китепкананы катуу же электрондук варианттарда **түзөт.**<br>4. Китептердин ролу жөнүндө долбоорлорго **катышат.** |
| | **2. Адабий каарман** | **10.2.2.9**. Каармандын ички жан дүйнөсүнө кызыгуусу артат,анын нравалык-этикалык баалуулуктарын аныктайт | 1. Каарман, анын жасаган иштери тууралуу таасирлерин **айтат,** сезимдерин **билдирет.**<br>2. Каарман кайсы моралдык-этикалык баалуулуктарды коргоп, эмнени четке кагарын **аныктайт.**<br>3. Каармандын адеп-ахлактык дүйнөсү жөнүндө **тыянак чыгарат** жана өзүнүн түшүнүктөрү менен **салыштырат.** |
| | **3. Көркөм кеп** | **10.2.3.10.**<br>Ырларды, каармандын монологун, чыгармадан үзүндүлөрдү көркөм окуйт | **1.** Класста, сынакта чыгармалардан үзүндүлөрдү, ырларды жатка **айтат.**<br>**2.**Автордун ойлорун жана сезимдерин, каармандарга, чыгармаларга болгон мамилесин көркөм окуу аркылуу **жеткирет.**<br>**3.** Сүйүктүү чыгармалардын чөйрөсүн **аныктайт.** |
| | **4.Автордук дүйнө** | **10. 2.2.11**. Автордун нравалык позициясын аныктайт жана өзүнө тийгизген баалуу жагын түшүндүрөт | **1.** Окулган чыгармалардын нравалык жана эстетикалык баалуулугун аныктайт, аларга болгон мамилесин **негиздейт**<br>**2.** Чыгармада өзү үчүн маанилүү болгон адеп-ахлактык баалуулуктарды **белгилейт.**<br>**3.**Кептик үлгүлөрдү колдонуу менен чыгармага, каармандарга, көйгөйлөрдү чечүүгө баалуу ойлорун **билдирет.** |
| | | **10.2.4.12.** Көркөм текстти искусствонун башка чыгармалары менен салыштырат,<br>көркөмдүк бөтөнчөлүгүн ачып берет | **1.** Текстке мазмуну жана мааниси боюнча жакын сүрөттөрдү, картиналарды, музыкалык чыгармаларды өз алдынча **тандайт**<br>**2.** Ар кандай искусство чыгармаларынын өзгөчөлүктөрүн **комментарийлейт** (сөз, боектор, үндөр ж. б.)<br>**3.** Көркөм тексттин жана иллюстрациянын, видеонун, комикстин жана башкалардын окшоштуктарын жана айырмачылыктарын **аныктайт.** |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | | **4.** Адабият жана искусствонун башка түрлөрүнүн байланышы жөнүндө видео, слайдшоу ж. б. даярдоого **катышат** |
| **3. Адабий чыгарма чылык** | **1. Көркөм форма (сюжет, композиция, жанрлар)** | **10.3.1.13.** Адабий тема боюнча чыгармачыл иш жазат | **1.** Теманы ачуу үчүн эссе жанрын **тандайт** (ой жүгүртүү, таасир, баяндоо ж. б.)<br>**2.** План **түзөт,** материалдарды **тандайт.**<br>**3.** Өзүнүн чыгармасын ар кандай формада **"жарыялайт"** (классташтарына окуйт, дубал гезитке басып чыгарат ж. б.)<br>**4.**Чыгармачылык иштердин конкурсуна **катышат.**<br>**5.**Чыгармачыл иштерди критерийлер **боюнча баалайт** |
| | **2. Адабий каарман** | **10.3.2.14.** Чыгармачыл формада каарман жөнүндө презентация даярдайт | **1.** Каарманды **тандап,** өз тандоосун **далилдейт.**<br>**2.** Каармандын образын ачып берүү үчүн иштин чыгармачылык формаларынын бирин **колдонот** (иллюстрациялар сүрөттөр, слайд-шоулар, графикалык уюштуруучулар ж. б.)<br>3. Адабий каарманды **презентациялайт жана талкуу жүргүзөт (жекече, топто)** |
| | **3. Көркөм кеп** | **10.3.3.15.** Драмалык чыгармалардын эпизоддорундагы инсценировкага катышат | 1.Ролдорго бөлүштүрүп инсценировка коюуда жана көркөм окууда өзүнө роль тандайт<br>2. Сценканы даярдоого жана коюуга катышат.<br>3.Классташтарынын аткарган ролдору жөнүндө ойлорун айтат |
| | **4. Автордук дүйнө** | **10.3.4.16.** Адабий тема боюнча мини-проект даярдайт (сүйүктүү автор,чыгарма, адабий каарман) | 1. Адабий долбоор иштеп чыгууга катышат.<br>2. Долбоордун презентациясын даярдайт.<br>3. Башка топтордун иштерин критерийлер боюнча баалоого **катышат.**<br>4. Чыгармачыл иштин бир формасын колдонот (иллюстрация, схема, ИКТ ж.б..) |

**11-класс**

**Адабий чыгармаларды түшүнүү каражаттары: теориялык түшүнүктөрдүн минималдык тизмеси**

Адабий процесс тууралуу түшүнүк, адабий багыттар (романтизм, реализм, модернизм, постмодернизм), чыгармалардын жанрлары тууралуу тереңдетилген түшүнүк ; жазуучунун жеке стилинин өзгөчөлүгү; көркөм ыкмалар, адабий сын, салттуулук жана жаңычылдык, жалпы маданий жана этномаданий баалуулуктар.

**10-таблица**

| Компетент түүлүк төр | Мазмундук линиялар | 11 класс | |
|---|---|---|---|
| | | **Күтүлүүчү натыйжалар** | **Сунушталуучу көрсөткүчтөр** |
| **1. Окурман дык** | **1. Көркөм форма (сюжет, композиция, жанрлар)** | **11.1.1.1.** Чыгарманы талкуулоо менен стилистикалык сөз байлыгын нравалык-философиялык, этномаданий лексикасын толуктайт, активдүү сөз байлыгына ээ болот | 1.Сөздүктөр менен иштөөнүн ар кандай ыкмаларын билет<br>2. Түшүнүүгө кыйын сөздөрдүн маанисин ар кандай ыкмалар менен түшүндүрөт (интерпретация, синонимдердин, антонимдердин, Этимологиянын жардамы менен, сөздүн курамын талдоо ж. б.)<br>3. Сүйлөөдө активдүү сөз байлыгын жана кеп үлгүлөрүн колдонот |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | **11.1.1.2.**<br>Көйгөйлүү суроолор боюнча кеңири жоопторду берет | **1.** Көйгөйлүү суроонун жообуна тексттен материалды **тандайт**<br>**2.** Толук жоопту схема боюнча же өз алдынча **табат.**<br>**3.** Көйгөйлүү суроого турмуштук мисалдары менен **жооп берет** |
| | | **11.1.1.3.**<br>Пландын ар кандай түрлөрүн түзүү, айтып берүү көндүмдөүнө ээ болот | **1.** Көркөм текст үчүн ар кандай пландарды **түзөт.**<br>**2.** Айтып берүү үчүн тексттен материал **тандайт.**<br>**3. Темага, максаттарга ылайык текстти кайталайт.**<br>**4**. Классташтарынын айткандарын критерийлер боюнча **баалайт.** |
| | | **11.1.1.4.**<br>Анализдөөнүн моделин колдонуу менен тексттеги, драмадагы, ырдагы негизги эпизоддорду жанрдык спецификасы боюнча негизги өзгөчөлүктөрүнө комментарий берет | **1.**Тексттеги эң маанилүү үзүндүнү белгилеп, окуялардын өнүгүшүндөгү жана чыгарманын негизги ой-пикирин ачуудагы ролун **түшүндүрөт.**<br>**2.** Эпизодду, көрүнүштү, поэманы талдоонун планын, суроолорун же схемасын **колдонот**<br>**3.** Эпизоддун, каармандардын, окуянын темасын **аныктайт**<br>**4.** Башка эпизоддор менен байланыш **түзөт (**сүрөттөлгөн окуяларга чейин жана кийин)<br>**6.** Анализдин негизинде ырааттуу аңгеме **түзөт** |
| | **2. Адабий каарман** | **11.1.2.5.**<br>Адабий каармандын образын этно маданий өзгөчөлүктөрүнө комментарий берүү менен ачып берет | **1.** Эпикалык, лирикалык жана драмалык чыгармада образдарды жаратуунун өзгөчөлүктөрүн **аныктайт.**<br>**2.** Образдын идеясын ачып берет, баатырдын образын ачуу планын **түзөт**<br>**3.** Бул ар кандай жанрдагы чыгармаларда каармандын образын ачууда текстти **колдонот.**<br>**4.** Каарманды талдоо боюнча суроолорго **жооп берет.**<br>**5.** Каармандын жүрүм-турум үлгүсүн жана анын тажрыйбасын турмуштук кырдаалдар менен **байланыштырат.** |
| | **3. Көркөм кеп** | **11.1.3.6**.<br>Көркөм кеп каражаттарынын өзгөчөлүктөрүн ачып берет,негизги образдарды,символдорду бөлүп көрсөтөт,метафоралардын көркөмдүүлүгүн белгилейт | **1.** Көркөм кеп каражаттарын **табат** (эпитеттер, метафоралар, образ-символдор, ырдагы ритм, интонация, рифма ж. б.) жана алардын тексттеги ролун **ачып берет**<br>2.Тексттен ар түрдүү маданияттарга мүнөздүү сөздөрдү, учкул сөздөрдү **чечмелейт.**<br>**3.** Текстти талдоодо жана өз сөзүндө Көркөм кеп каражаттарын **колдонот. сүрөт жана экспрессивдүү каражаттарды колдонот.** |
| | **4. Автордук дүйнө** | **11.1.4.7.**<br>Окуган адабий көркөм чыгармаларды (үзүндүлөрү)<br>темасы,каарман-дары,көркөмдүк өзгөчөлүктөрү боюнча салыштыра алат | **1**. . Ар кандай авторлордун чыгармаларынын окшоштуктарын жана айырмачылыктарын **белгилейт** (темалар, көйгөйлөр, образдар, автордук мамилелер ж. б.)<br>2.Маданий чындыктардын, фактылардын сүрөттөлүшүн салыштырат, жалпы жана маданий өзгөчөлүктү **баса белгилейт**<br>3. Салыштыруунун негизинде аңгеме **түзөт** |

| | | | |
|---|---|---|---|
| **4. Эмоцио налдуу баалуулук** | **1. Көркөм форма (сюжет, композиция, жанрлар)** | **11. 2.1.8.**<br>Өз алдынча окуй турган чыгармаларды аныктайт | **1**. Адабий каармандарга карата мамилеси менен тематикасына, жанрына жараша кызыгуусу боюнча китептерди **тандайт**<br>2.Сүйүктүү чыгармалары тууралуу таасирлери менен **бөлүшөт**<br>3. Жеке китепкананы катуу же электрондук варианттарда **түзөт.**<br>4. Китептердин ролу жөнүндө долбоорлорго **катышат.** |
| | **2. Адабий каарман** | **11. 2.2.9.**<br>Каармандын ички жан дүйнөсүнө кызыгуусу артат,анын нравалык-этикалык баалуулуктарын аныктайт,этномаданий өзгөчөлүктөрүн аныктайт | **1**. Каарман, анын жасаган иштери тууралуу таасирлерин **айтат,** сезимдерин **билдирет.**<br>2. Каарман кайсы моралдык-этикалык баалуулуктарды коргоп, эмнени четке кагарын **аныктайт.**<br>3. Каармандын адеп-ахлактык дүйнөсү жөнүндө **тыянак чыгарат** жана өзүнүн түшүнүктөрү менен **салыштырат.** |
| | **3. Көркөм кеп** | **11.2.3.10.**<br>Түрдүү жанрдагы чыгармаларды көркөм окуу көндүмдөрүнө ээ болот | **1.** Класста, сынакта чыгармалардан үзүндүлөрдү, ырларды жатка **айтат.**<br>**2.**Автордун ойлорун жана сезимдерин, каармандарга, чыгармаларга болгон мамилесин көркөм окуу аркылуу **жеткирет.**<br>**3.** Сүйүктүү чыгармалардын чөйрөсүн **аныктайт.** |
| | **4.Автордук дүйнө** | **11.2.4.11.**<br>Автордун нравалык позициясын аныктайт жана өзүнө тийгизген баалуу жагын түшүндүрөт | **1.** Окулган чыгармалардын нравалык жана эстетикалык баалуулугун аныктайт, аларга болгон мамилесин **негиздейт**<br>**2.** Чыгармада өзү үчүн маанилүү болгон адеп-ахлактык баалуулуктарды **белгилейт.**<br>**3.**Кептик үлгүлөрдү колдонуу менен чыгармага, каармандарга, көйгөйлөрдү чечүүгө баалуу ойлорун **билдирет.** |
| | | **11.2.4.12.**<br>Көркөм текстти искусствонун башка чыгармалары менен салыштырат, көркөмдүк бөтөнчөлүгүн ачып берет | **1.** Текстке мазмуну жана мааниси боюнча жакын сүрөттөрдү, картиналарды, музыкалык чыгармаларды өз алдынча **тандайт**<br>**2.** Ар кандай искусство чыгармаларынын өзгөчөлүктөрүн **комментарийлейт** (сөз, боектор, үндөр ж. б.)<br>**3.** Көркөм тексттин жана иллюстрациянын, видеонун, комикстин жана башкалардын окшоштуктарын жана айырмачылыктарын **аныктайт.**<br>**4.** Адабият жана искусствонун башка түрлөрүнүн байланышы жөнүндө видео, слайдшоу ж. б. даярдоого **катышат** |
| **5. Адабий чыгарма чылык** | **1. Көркөм форма (сюжет, композиция, жанрлар)** | **11.3.1.13.**<br>Адабий тема боюнча чыгармачыл иш жазат | **1.** Теманы ачуу үчүн эссе жанрын **тандайт** (ой жүгүртүү, таасир, баяндоо ж. б.)<br>**2.** План **түзөт,** материалдарды **тандайт.**<br>**3.** Өзүнүн чыгармасын ар кандай формада **“жарыялайт”** (классташтарына окуйт, дубал гезитке басып чыгарат ж. б.)<br>**4.**Чыгармачылык иштердин конкурсуна **катышат.**<br>**5.**Чыгармачыл иштерди критерийлер **боюнча баалайт** |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | **2. Адабий каарман** | **11.3.2.14.**<br>Адабий каармандын образы боюнча(жекече,группада) мини-долбоор иштеп чыгууга жетишет | **1.** Каарманды **тандап,** өз тандоосун **далилдейт.**<br>**2.** Каармандын образын ачып берүү үчүн иштин чыгармачылык формаларынын бирин **колдонот** (иллюстрациялар сүрөттөр, слайд-шоулар, графикалык уюштуруучулар ж. б.)<br>3. Адабий каарманды **презентациялайт жана талкуу жүргүзөт (жекече, топто)** |
| | **3. Көркөм кеп** | **11.3.3.15.**<br>Драмалык чыгармалардын эпизоддорундагы инсценировкага катышат | 1.Ролдорго бөлүштүрүп инсценировка коюуда жана көркөм окууда өзүнө роль тандайт<br>2. Сценканы даярдоого жана коюуга катышат.<br>3.Классташтарынын аткарган ролдору жөнүндө ойлорун айтат |
| | **4. Автордук дүйнө** | **11.3.4.16.**<br>Адабий тема боюнча мини-долбоор даярдайт (сүйүктүү автор, чыгарма, адабий каарман) | 1.Адабий долбоор иштеп чыгууга катышат.<br>2.Долбоордун ишинде өзүнүн ролун аныктайт<br>3.Долбоордун презентациясын даярдайт.<br>4. Башка топтордун иштерин критерийлер боюнча баалоого **катышат.**<br>5. Чыгармачыл иштин бир формасын колдонот (иллюстрация, схема, ИКТ ж.б..) |

## 3.2. Окуучулардын жетишкендиктерин баалоонун негизги стратегиялары жана ченемдери

Баалоо окуучулардын окуу жетишкендиктеринин предметтик стандарттын мазмунуна дал келишин аныктоо максатында жүргүзүлөт. Инсанга багытталган окутуунун практикасында окуучулардын окуу жетишкендиктерин текшерүүнүн төмөнкү стратегиялары көбүрөөк жайылтылган:

1) окуучунун баштапкы жана аякталыштагы жыйынтыктарынын дал келиши, б.а. окуучунун жеке өсүшүнүн динамикасы;

2) окуучу жасаган иштин критерийлер менен дал келиши.

Окутуу учурунда төмөнкүлөр бааланат:

- сабак учурундагы окуучулардын иши;
- окуучулардын ишмердүүлүгүнүн натыйжасы;

Окуучулардын жетишкендиктерин баалоодо тапшырмалардын түрдүү тапшырмалары колдонулат.

Тапшырмаларды топторго бөлүштүрүү төмөндөгүлөрдү эске алуу менен өткөрүлөт:

- берилген тапшырмаларды чечүүнүн ар түрдүү деңгээлдеги татаалдыгын;
- окуучулардын тапшырмаларды чечүүнүн ар түрдүү деңгээлдеги өз алдынчалыгын.

**1-топтогу тапшырмалар** – текст боюнча жалпы багыт алуу, ачык берилген маалыматты колдонуу: ачык берилген маалыматты издөө жана табуу, ошондой эле тексттеги фактылардын негизинде түз жыйынтыктар менен корутундуларды формулировкалоо (тексттеги маалыматтын негизги темасын жана идеясын түшүнүү, тексттеги айтылгандар боюнча жалпы түшүнүк).

**2-топтогу тапшырмалар** – текстти терең түшүнүү, маалыматты интерпретациялоо жана өзгөртүп түзүү, анализдөө, текстте ачык эмес берилген маалыматты жалпылоо жана интерпретациялоо, текстте түз айтылбаган байланыштарды орнотуу, бир топ татаал жыйынтыктарды жана баалоочу ойлорду айтуу.

**3-топтогу тапшырмалар** – маалыматты окуу-практикалык тапшырмаларда колдонуу жана өз тексттерин түзүү, карама-каршы жана талаш маалыматты табуу, алынган маалымдоо боюнча баалоочу пикирин жана өз көз карашын айтуу.

Төмөнкү таблицада предметтик стандарттардын жетишкендиктерин таап көрсөтүүгө багытталган тапшырмалардын түрлөрүнүн варианты жана бул же тигил тапшырмалар үчүн баанын оордугун болжолдуу бөлүштүрүү сунушталган.

**Окуучулардын компетенттүүлүгүн баалоо үчүн тапшырмалардын түрлөрү**

**11-таблица**

| № | Окуучулардын компетенттүүлүгүн баалоочу тапшырмалардын түрлөрү | Баанын оордугун болжолдуу бөлүштүрүү | Тапшырмалардын топтор менен дал келиши |
|---|---|---|---|
| 1. | Айтып берүүнүн түрлөрү | 10% | 1 |
| 2. | Окуучулардын текстке карата суроо берүүсү. Суроолорго жооп берүүсү | 10% | 1,2,3 |
| 3. | Чыгармалардын, образдардын, темалардын, эпизоддордун анализи | 20% | |
| 4. | Жазуу иштери (иштердин мазмунуна багыт алуу, окуучулардын рефлексиясынын негизинде кыргыз тили сабактары менен байланышы):<br>Эркин эссе.<br>Аргументтештирилген эссе.<br>Түрдүү жанрларда дил баян (эссе, жомок, тамсил, ыр, аңгеме). | 15% | 2,3 |
| 5. | Көркөм окуу.<br>Сахналаштыруу.<br>Иллюстрациялоо, жабыштырып жасоо, аппликация жана башкалар. | 10% | 3 |
| 6. | Адабий темалар боюнча чыгармачылык долбоор.<br>Комплекстүү долбоор (сүрөт колдонуу менен чоң эмес изилдөө, музыка, информатика). | 20% | 2,3 |
| 7. | Чыгармачыл презентация | 15% | 2,3 |

Эскертүү:

Иштердин саны жана баалардын оордугу боюнча бөлүштүрүү класстан-класска компетенттүүлүгүнүн өсүү динамикасын эске алуу менен ишке ашырылат. Класстарга бөлүштүрүүгө ылайык баалоо үчүн жалпы багыт болуп төмөнкүлөр эсептелет:

- жумуштун көлөмү
- кабыл алуу менен түшүнүүнүн тереңдиги
- өз алдынчалыктын деңгээли (демилгелөө, тандоо, интерпретациялоо)
- чыгармачылык ыкма
- айтканын аргументтештирүүсү, текстке таяныч

Окуучулардын ишмердүүлүгүнүн натыйжасын баалоо критерийлери ар бир тапшырмага жана иштин түрлөрүнө карата түзүлөт.

### Предметти өздөштүрүүнүн деңгээли

Предметти өздөштүрүүнүн деңгээлдерин бөлүштүрүү үчүн негиз адабий чыгарманы кабыл алуу сапатына багытталган. Окуучулардын адабий чыгарманы кабыл алуусунун сапаты окурмандын ишмердүүлүгүнүн жыйынтыктарын анализдөөнүн негизинде түзүлөт (тапшырмалардын жыйнагын жана түрлөрүн караңыз).

Кабыл алуунун сапаты деп окурмандын каармандар жана чыгарманын автору менен кошо башынан кечирүү, эмоциялардын динамикасын көрүү, жазуучу жараткан турмуш картинасын элестетүүнү кайра түзүү, каармандардын кылган жоруктарынын түп натыйжасы, мотивдери тууралуу ой жүгүртүү, чыгарманын каармандарын баалоо, автордун позициясын аныктоо, чыгарманын идеясын өздөштүрүү, б.а. автор койгон көйгөйдү өз жан дүйнөсүнөн баалап, сындоо жөндөмдүүлүгүн түшүнөбүз. Чыгарманы толук түрдө кабыл алуу окуучунун адабий өнүгүүсүнүн жогорку деңгээли жөнүндө кабарлайт.

Окуучунун окурмандык сезимдеринин активдүүлүгүн, кайра жаратуучу жана чыгармачыл элестетүүсүн, көз алдыга элестетүүсүнүн конкреттүүлүгүн жана көркөм жалпылоого сиңүү денгээлин, окуунун, окурмандык баасынын жана ориентир алуусунун үстөмдүк кылуучу мотиивдерин эске алып, окуучунун кабыл алуусунун үч деңгээлин бөлүп көрсөтүүгө болот:

- сюжеттүү окуялуу (төмөн) деңгээл;
- образдуу-аналитикалык (орто) деңгээл;
- идеялык-эстетикалык (жогорку) деңгээл.

Адабият боюнча чыгармачыл иштерди аткарууда сабаттуулугу бааланбайт, бир гана баа коюлушу керек. Себеби, окуучу чыгармачыл ишти аткарууда чыгармачыл продукт түзүү деген бир гана татаал тапшырманы чечип жаткан болот. Дил баянда ошол чыгармачыл тапшырманын аткарылыш натыйжасын баалоо керек. Теориялык билимдер баа менен бааланбайт. Адабий-теориялык түшүнүктөрдүн эрежелерин так айтып берүү талап кылынбайт. Бул стандартта адабий-теориялык түшүнүктөр көркөм чыгарманы кабыл алуунун куралы катары каралат, алар класстын практикалык ишинде “жашаш” керек; аларды практикалык иштин керектүү каражаты катары колдонуу сунушталат.

Окуучуларды баалоодо окуучуларга да, ата-энелерге да, педагогдорго да түшүнүктүү пландаштырылган күтүлүүчү натыйжалардын жетишүүсүнүн так критерийлерин иштеп чыгуу зарыл.

**Критерийлүү** баалоо –так аныкталынган, жалпы жамаатта иштелип чыккан, алдын-ала бардыгына белгилүү болгон, билим берүүнүн мазмуну менен максаттарына дал келген, окуучулардын белгилүү компетенттүүлүгүн калыптандырууга мүмкүнчүлүк түзгөн критерийлер менен окуучулардын окуу жетишкендиктерин салыштырууга негизделген процесс. Критериалдык баа бул контекстте жаза же таасир кылуу катары каралбайт, маалымат каражаты гана болот.

Мисалы, “... жатка көркөм окуйт” деген күтүлүүчү натыйжа окуучунун төмөнкү критерийлерге жетишкени аныкталганда талашсыз болот:

1) Ырды мыкты билет жана жатка окуйт
2) Сөздөрдү жана сөз айкаштарды туура айтат
3) Ырды окуганда интонацияны, темпти жана ритмди өзгөртөт
4) Лирикалык каармандын сезип кубануусун же кайгысын, сезимдерин жеткирет
5) Темага, автордук идеяга, образдарга өз мамилесин билдирет

Мектеп окуучуларынын баалоо процессине катышуусу бардык жеткиликтүү формаларда өтө эле каалаган жагдай болот:

1) баалоонун критерийлерин иштеп чыгууга катышуусу;
2) өз ара баалоосу;
3) аткарылган окуу аракеттеринин жыйынтыктарын рефлексивдүү талдоосу жана өзүн өзү баалоосу;

**Күтүлүүчү натыйжанын жетишүү деңгээлдери (вариант)**

**11-таблица**

| Күтүлүүчү натыйжа | Жогорку деңгээл | Орто | Төмөн |
|---|---|---|---|
| **5.2.3.1.** Ырды жана чыгармадан үзүндүлөрдү жатка көркөм окуйт | 1. Ырды мыкты билет жана жатка окуйт<br>2. Сөздөрдү жана сөз айкаштарды туура айтат<br>3. Ырды окуганда интонацияны, темпти жана ритмди өзгөртөт<br>4. Лирикалык каармандын сезип кубануусун же кайгысын, сезимдерин жеткирет<br>5. Темага, автордук идеяга, образдарга өз мамилесин билдирет. | 1. Ырды мыкты билет жана жатка окуйт.<br>2. Сөздөрдү жана сөз айкаштарды туура айтат.<br>3. Айрым учурда интонацияны, темпти жана ритмди өзгөртөт.<br>4. Лирикалык каармандын сезип кубануусун же кайгысын, сезимдерин жарым-жартылай жеткирет. | 1. Ырды мугалимдин жардамы менен жатка окуйт.<br>2. Айрым сөздөрдү жана сөз айкаштарды туура айтат. |
| 5.3.1.8.Чыгарманы жаратуудагы көркөм ыкмалардын ролун **түшүндүрөт.** | 1. Текстте эпитеттерди, салыштырууларды, элестетүүлөрдү **бөлүп көрсөтөт**.<br>2. Чыгармадагы образдуу сөздөрдүн жана сөз айкаштардын маанисин **түшүндүрөт**.<br>**3.** Автор түзгөн картиналарды оозеки сөз менен **сүрөттөйт.**<br>4. Эмоционалдуу-баалоочу лексиканын жардамы менен Көркөм кеп кооздугун **белгилейт.** | 1. Текстте эпитеттерди, салыштырууларды, элестетүүлөрдү **бөлүп көрсөтөт**.<br>2. Чыгармадагы образдуу сөздөрдүн жана сөз айкаштардын маанисин **түшүндүрөт** (мугалимдин жардамы менен)<br>**3.** Автор түзгөн картиналарды оозеки сөз менен мугалимдин жардамы менен **сүрөттөйт** (суроолор арылуу).<br>**4.** Эмоционалдуу-баалоочу лексиканын жардамы менен Көркөм кеп кооздугун **белгилейт** (мугалимдин жардамы менен) | 1.Текстте бириндеген өтмө мааниде айтылган сүйлөмдөрдү же жөнөкөй сөздөрдү бөлүп көрсөтөт.<br>2. Өтмө мааниде айтылган сүйлөмдөрдүн же жөнөкөй сөздөрдүн түз маанисин түшүндүрөт.<br>3. Ырды айтып берет.<br>4. Эмоционалдуу-баалоочу лексиканын жардамы менен Көркөм кеп кооздугун **белгилейт** (мугалимдин жардамы менен), анда түз баалоону колдонот (жагат - жакпайт, кооз). |

# 4-БӨЛҮМ. БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОЦЕССИН УЮШТУРУУГА КАРАТА ТАЛАПТАР

## 4.1. Окутуунун методикасына коюлган негизги талаптар

Билим берүү процессинде башкы орун окутуу методдоруна таандык, метод канчалык майнаптуу болсо, балага мугалим тарабынан берилип жаткан билим ошончолук жугумдуу жана натыйжалуу болору бышык.

Метод – бул ишмердүүлүк, бул чыгармачылык. Ошол чыгармачылык аркылуу бул же тигил методго ар бир доордо, ар бир мугалим тарабынан жаңы нерселер кошулуп турат.

Метод «коюлган максатка ылайык келүүчү натыйжага жетишүүнү камсыз кылуучу адамдын аң-сезимдүү, белгилүү ырааттыкта аткарган иш-аракеттеринин системасы» болуп, ал: а) максаттын коюлушун; б) адамдын ишмердүүлүгүн (аракеттеринин системасын); в) зарыл болгон (интеллектуалдык, практикалык, предметтик) каражаттарды; г) обьектинин өзгөрүү процессин (обьектин максатка багытталган кыймылынын механимзми); д) максатка жетүүнү камтыйт».

Педагогиканын тарыхында окутуудагы методдорду классификациялоо тууралуу эмгектер өтө көп, ошолордун бири азыркы дидактикада алардын сабакта колдонулушун жалпылап, үч топко – пассивдүү, активдүү, интерактивдүү топторго бөлүштүрүп карайт.

Окуу жана кабыл алуу ыктарын этап-этабы менен ырааттуу калыптандыруу зарыл экени жөнүндө жалпы түшүнүк чыгарманы түшүнүүнүн негизин түзөт: комментарийлөө, анализдөө жана көркөм текстти интерпретациялоо; көркөм текстке салынган маанини түшүнүүгө мүмкүн болгон алгоритмине ээ болуу, окуганы боюнча өзүнүн баалоосун жана ой жүгүртүүсүн чагылдырган өз текстин дискуссияларда, эсселерде, долбоорлордо түзүү.

Ушуга байланыштуу компеттенттүүлүктөрдү калыптандыруунун үстүнөн иштөө процессинде кыргыз жана дүйнөлүк адабияттын көркөм чыгармаларын окуп түшүнүү боюнча окутуунун инсанга багытталган технологияларына таяныч менен иштөөнүн төрт аспектисин бөлүп көрсөтөбүз:

- текстте багыт алуу жана аны биринчи кабыл алуусун уюштуруу;
- текстти кайра окуп чыгуу жана анализ жасоо;
- чыгарманы экинчи жолу кабыл алуу – интерпретациялоо;
- баалоо.

Адабият сабактарында белгиленген компетенттүүлүктөрдү калыптандырууну камсыздаган өнүмдүү (натыйжалуу) окуу **технологиясы жетектөөчү технология болуп эсептелет.**

Технология текст менен иштөөнүн үч этабын киргизет, бул этаптар окурмандык ишмердүүлүктүн структурасынын өзгөчөлүгүнө негизделген.

**I этап. Текстти окууга чейинки иш.**

*Актуалдаштыруу. Божомол жүргүзүү* (алдын ала кубануу, окула турган текстти божомолдоо). Биринчи кабыл алууну уюштуруу. Тексттин маанилик, тематикалык, эмоционалдык багытын аныктоо, чыгарманын аталышына, автордун атына, орчундуу сөздөргө карап, тексттен мурунку келген иллюстрация менен таанышып, окурмандык тажрыйбага таянып, окула элек чыгарманын каармандарын бөлүп көрсөтүү.

*Сабактын максаттарын* коюуда окуучунун ишке жалпы даярдыгын (окутуучу, кызыктыруучу, эмоционалдык, психологиялык) эске алуу.

**II этап. Окуу. Текстти окуу учурундагы иш. Окуу процесси.**

*Текстти алгачкы окуу. Мазмуну боюнча жалпысынан маектешүү. Алгачкы кабыл алууну аныктоо, алгачкы таасирленүүнү белгилөө.* Текстти кайрадан окуп чыгуу. *Шашпай “ойлонуп” кайталап окуу.*

Текстти анализдөө.Текстти кабыл алуу менен аны анализдөөнүн арасындагы ажырымды жеңүү.

**III этап. Текстти окугандан кийинки иш. Кайрадан окуу. Кийинки окуу.**

*Интерпретациялоо. Текст боюнча маек.*Тексттин негизги идеясын жана анын башкы маанилеринин кошулушун аныктоо. Ойлонуу, өздөштүргөндөрүн текшерүү, окуганы боюнча сүйлөшүү.

Чыгарманы баалоо. Окуганын практикалык ишмердүүлүктө колдонуу. Окуучулардын адабий чыгармачылыгы.

Сабак стандартты ишке ашыруунун, предметтик компетенттүүлүктөрдү калыптандыруунун жана окутуунун натыйжаларына жетишүүнүн негизи болуп саналат. Жаңы муундагы стандарттын моделин ишке ашыруу адабият сабактарында окутуунун максаттарын жана ыктарын өзгөртүүнү, колдонулуп жаткан методикаларды жана технологияларды өзгөртүүнү талап кылат. Ар кандай майып балдар үчүн предметти окутууда балдардын өзгөчөлүктөрүн, инклюзия принциптерин эске алуу зарыл, жеңилдиктер каралуу керек.

Көркөм чыгарманын мазмунун түшүнүү үчүн окурман мазмунду өз башынан өткөрүп чыгуу керек. Бул нерсе адабияттын окурманга тийгизген эстетикалык таасиринин улам болушу мүмкүн. Чыгарманы анализдеп баштоодон же анын маанисин түшүндүрүп баштоодон мурун, мектеп окуучусуна бул же тигил жол менен (кээде жакшылап окуу жетиштүү) бул чыгарманын кооздугун сезүүгө, эмоцияларды башынан өткөрүп сезүүгө жана сезгендерин сөз менен айтып берүүгө, так атап берүүгө жардам берүү керек.

Бул планда окуучулар көбүнчө эмоцияларынын аталыштарын атоодо, айтып берүүдө кыйынчылыктарга туш келишет.

**Адамдын негизги эмоциялары менен сезимдеринин тизмеси**

| **оң** | **терс** | **калыс** |
|---|---|---|
| 1. рахат<br>2. кубаныч<br>3. сүйүнүч<br>4. сыймыктануу<br>5. ишеним<br>6. үмүт<br>7. сактаныч<br>8. сүйүү<br>9. сыйлоо<br>10. менменсингендик<br>11. жыргал | 12. кусалык<br>13. кайгы-капа<br>14. үмүт үзүү<br>15. капалантуу<br>16. айгай салуу<br>17. таарыныч<br>18. коркуу<br>19. аёо<br>20. тилектештик (боорукердик).<br>21. (кайгыруу) өкүнүү<br>22. ачуулук<br>23. кыжырдануу (каардануу).<br>24. какшык<br>25. үрөйү учуу<br>26. ишенбегендик (күмөн саноо)<br>27. жек көрүү<br>28. жийиркенүү<br>29. иренжүү<br>30. өкүнүү | 31. сөз аңдуу, кызыгуучулук.<br>32. таң калуу<br>33. көңүл коштук<br>34. ээн-эркин-жайбаракат байкоо |

( Адамдын негизги эмоциялары менен сезимдеринин тизмесин караңыз // жеткиликтүү: http://elatriym.com/upravlenie-emocijami/vidy-emocij-cheloveka)

Окуучулардан автордук позицияны маани берип түшүнүү, фактыларды кайра калыбына келтирип чыгуу эле эмес, көркөм идеяны өздөштүрүү талап кылынат. Чыгармадагы жашоодогудай кырдаал анализге алынат, анан ал кырдаал кантип сүрөттөлгөнү, бул кырдаалды жазуучу кандай баалагандыгы, б.а. чыгарманын көркөм сүрөт каражаттары да анализге алынат. Көркөм чыгарманы окуу эстетикалык ишмердүүлүктү талап кылат: эмоциялардын, элестетүүнүн, ой жүгүртүүнүн өз ара байланыштуу иштеши.

Кызыктыруучу билим берүүчүлүк чөйрө адабият сабагында инсанга багытталган технологияларды колдонуу менен түзүлөт. “Кыргыз жаана дүйнөлүк адабият” предмети өзү изилдөөгө кызыктырууну жаратууга жакын: чыгармада чагылдырылган улуттук маданий өзгөчөлүктөрдү, салттарды, аларды жаратуу жөндөмдөрү менен мүнөздөрдү салыштыруу; “үндөштүктөрдү”, окшоштуктарды, жанрдын өзгөчөлүгүн, кыргыз жана дүйнөлүк адабияттын акын-жазуучуларынын стилдеринин өзгөчөлүктөрүн салыштыруу. Чыгармалардын ортосунда дагы, бир чыгарма ичинде дагы эстетикалык маалыматтын

интеграцияланышы үчүн чоң мүмкүнчүлүктөр ачылат. Дискуссиялар, долбоорлор, көркөм окуу, иллюстрациялоо, оозеки сөз аркылуу сүрөттөө, окшош темадагы музыкалык чыгармаларды угуу жана көркөм сүрөт чыгармаларын карап чыгуу ж.б. – бардык ушул методдор жана ыкмалар окуучуларга көркөм чыгарманы өз алдынча түшүнүүгө, аны эстетикалык кабыл алууга түрткү берет.

Жаңы муундагы стандарттардын моделин ишке ашыруу адабият сабагынын максаттары менен окутуунун мамилелерин өзгөртүүнү талап кылат.

**4.2.Ресурстук камсыздоонун минималдуу талаптары**

Стандарттарды ишке ашырууну максаттуу камсыздоого арналган адабий чыгармаларды тандоо критерийлерин иштеп чыгуунун негизинде программаларды түзүү:

- окуучулардын адабий чыгармаларды эстетикалык кабыл алуусун уюштурууга көңүл бурган жаңы типтеги окуу китептерин иштеп чыгуу.
- хрестоматияларды иштеп чыгуу.
- "Кыргыз жана дүйнө адабияты" предметинин негизги максатын эске алуу менен жумушчу дептер түзүү.
- мектеп китепканасындагы кыргыз жана дүйнөлүк адабияттардын көркөм чыгармаларынын тексттери
- электрондук окуу материалдары жаңычыл ресурс катары:

• тексттик материалдар сантик жана мультимедиялык форматта (көркөм, адабий сын, биографиялык жана маалыматтык),
• аудиотексттер,
• көркөм жана окутуучу видеофильмдер,
• сантик иллюстрациялар, картиналардын жана фотосүрөттөрдүн репродукциялары
• видеоэкскурсиялар.

**4.3.. Мотивациялоочу жана коопсуз окутуу чөйрөсүн түзүү**

Кызыктыруучу билим берүүчүлүк чөйрөнү адабият сабагында инсанга багытталган технологияларды колдонуу менен түзүү мүмкүн. "Кыргыз жана дүйнө адабияты" предмети өзү изилдөөгө кызыктырууну жаратууга жакын: чыгармада чагылдырылган улуттук маданий өзгөчөлүктөрдү, салттарды, аларды жаратуу жөндөмдөрү менен мүнөздөрдү салыштыруу; "үндөштүктөрдү", окшоштуктарды, жанрдын өзгөчөлүгүн, кыргыз жана дүйнөлүк адабияттын акын-жазуучуларынын стилдеринин өзгөчөлүктөрүн салыштыруу. Чыгармалардын ортосунда дагы, бир чыгарма ичинде дагы эстетикалык маалыматтын интеграцияланышы үчүн чоң мүмкүнчүлүктөр ачылат. Дискуссиялар, долбоорлор, көркөм окуу, иллюстрациялоо, оозеки сөз аркылуу сүрөттөө, окшош темадагы музыкалык чыгармаларды угуу жана көркөм сүрөт чыгармаларын карап чыгуу ж.б. – бардык ушул методдор жана ыкмалар окуучуларга көркөм чыгарманы өз алдынча түшүнүүгө, аны эстетикалык кабыл алууга түрткү берет.

Жаңы муундагы стандарттардын моделин ишке ашыруу адабият сабагынын максаттары менен окутуунун мамилелерин өзгөртүүнү талап кылат.

Коопсуз мектеп чөйрөсү - бул окуучулардын муктаждыктарына багытталган жана коопсуздуктун толуктугун жана ар кандай тобокелдиктерди минималдаштырууну камсыз кылган чөйрө. Мектептин коопсуз чөйрөсү бир нече аспектилерди камтыйт:

**Психологиялык жана маалыматтык коопсуздук** окуучулардын позитивдүү көз карашын жана бири-бирине мамилесин, гендердик теңчилик, басмырлабоо, социалдашуу, кадыр-баркына коркунуч келтирүүдөн корголушун болжолдойт. Дискриминацияланбаган, зомбулуксуз жана толеранттуу чөйрө.

Баланын адамдык кадыр-баркын урматтоо, расасына, социалдык тегине, динине, жынысына же туулган жерине карабастан бирдей мүмкүнчүлүктөрдү түзүү, өз алдынчалуулукка жана сабакта активдүү болууга үндөө, формативдик баалоону жана позитивдүү жана колдоочу пикирлерди колдонуу аркылуу калыптанат. Объективдүү баалоо. Мектеп документтерин башкаруунун автоматташтырылган тутумун жүргүзүүдө купуялуулук эрежелерин сактоо билим берүү процессинин катышуучулары жөнүндө маалыматтарды сактоонун коопсуздугун камсыз кылат. Сантик технологияларды, сантик сервистерди жоопкерчиликтүү натыйжалуу пайдалануу жана сантик контентти түзүүгө

катышуу ченемдерин сактоо виртуалдык чөйрөдө өз ара аракеттенүүнүн мүмкүн болгон тобокелдиктерин азайтат.

**Экологиялык коопсуздук** таза аба, суу, туура тамактануу, Жарыктын жогорку сапаты, туура температура, желдетүү, энергияны үнөмдөө, багбанчылык ж. б.

**Физикалык коопсуздук** имараттын коопсуздугун жана ишенимдүүлүгүн камтыйт, анын ичинде өзгөчө кырдаалдарда, аны колдонуу процессинде окуу жабдуулары ж.б. мектептин кабинетиндеги бардык элементтер санитардык-эпидемиологиялык эрежелерге, электр жана өрт коопсуздугунун эрежелерине ылайык келиши керек.

## Колдонулган адабияттар


1. Алымов Б., Кыргыз совет адабиятын окутуу методикасы. II китеп / Ф.: «Мектеп», 1991. – 310 б. 57.
2. Алымов Б., Кыргыз совет адабиятын окутуунун айрым маселелери Б.Алымов. – Ф.: «Мектеп», 1976. – 286 б.
3. Бекбоев И.Б., Инсанга багыттап окутуу технологиясынын териялык жана практикалык маселелери.– Б.: Педагогика века, 2004. – 384б.
4. Бахтин М. М. Эстетика словесного творчества. – М., 1986**.**
5. Библер В. С. М. М. Бахтин, или Поэтика культуры. – М.: Прогресс, 1991. – 176 с.
6. Задорожная Н.П., Низовская И.А. Оценка в классе в русле критического мышления// Мектеп-Школа. – №2. – 2002.
7. Выготский Л.С. Воображение и творчество в детском возрасте. – М., 1991.
8. Иманалиев К., Орто мектепте кыргыз адабияты боюнча проблемалык окууну уюштуруу иши. – Ф.: Мектеп, 1981
9. Кудина Г., Новлянская З. Литература как предмет эстетического цикла // http://www.distedu.ru/mirror/_nach/archive.1september.ru/nsc/2004/02/4.htm
10. Кузнецова Е.А. Содержательные линии курса как средство реализации внутрипредметных связей в учебнике//Муниципальное образование: инновации и эксперимент. – №3. – 2010. – С. 58-60.
11. Кыргыз адабияты маалыматтама. Методикалык колдонмо/Түз. А.Ж.Муратов, Ж.Шериев, К.Исаков.-Б., 2014
12. Маранцман В.Г. Анализ литературного произведения и читательское восприятие школьников. – Л.: Просвещение, 1974.
13. Молдавская Н.Д. Литературное развитие школьников в процессе обучения. – М.:Просвещение,1976.
14. Муратов А.Ж. Кыргыз адабиятын окутуу: теориясы жана практикасы –Б.: «Турар», 2012.
15. Билим булагы. Окуу материалдарынын мультимедиялык комплекси //https://bb.edu.gov.kg/
16. Перечень основных эмоций и чувств человека // Доступно: http://elatriym.com/upravlenie-emocijami/vidy-emocij-chelo